# Билим берүү чөйрөсүндөгү сапаттын кепилдиги боюнча агентствосу «EdNet»

**Билим берүү программасына жүргүзүлгөн көз карандысыз аккредитациясынын жыйынтыгы боюнча**

# Эксперттик комиссиянын корутундусу

**580900 «Мамлекеттик жана муниципиалдык башкаруу»**

**Деңгээли: Магистратура**

**Апрель, 2026**

**МАЗМУНУ:**

Программа жана аккредитация жараяны жөнүндө маалымат....................................................3

Стандарттар боюнча программаны баалоо ......................................................................................7

*1-СТАНДАРТ. БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУНУН МИССИЯСЫ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ.* ....................................................................7

*2-СТАНДАРТ. САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ ЖАНА СИСТЕМАСЫ.* .........................9

*3-СТАНДАРТ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАКСАТТАРЫ ЖАНА ОКУУ НАТЫЙЖАЛАРЫ.* ..........................................................................................................................12

4-СТАНДАРТ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШТЕП ЧЫГУУ, БЕКИТҮҮ ЖАНА АНЫН МАЗМУНУ, СТУДЕНТКЕ БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУГА ШАРТ ТҮЗҮҮЧҮ ОКУУ ПРОЦЕССИ. МАГИСТРАНТТАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИ ЖАНА БААЛАНЫШЫ. .........................................................................................................................................17

*5-СТАНДАРТ. ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛАР КУРАМЫ.* ...........................................23

*6-СТАНДАРТ. ИНФРСТРУКТУРА, РЕСУРСТАР ЖАНА МАГИСТРАНТТАРДЫ КОЛДОО* .........................................................................................................................................27

*7-СТАНДАРТ: ОТЧЕТТУУЛУК, АЙКЫНДУУЛУК, МААЛЫМАТТЫ БАШКАРУУ ЖАНА АНЫН ИШЕНИМДҮҮЛҮГҮ. КООМЧУЛУКТУ МААЛЫМДОО.* ................ 31_Toc230703230

ББУ/ББП АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ...................................................................................................36

*СУНУШТАЛГАН ЧАРАЛАР*.........................................................................................................40

*АТКАРУУГА МИЛДЕТТҮҮ СУНУШТАР* ..................................................................................43

*1-тиркеме. ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯНЫН МҮЧӨЛӨРҮНҮН БИОГРАФИЯЛАРЫ* ......46

*2-тиркеме. ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯНЫН ББУГА САПАРЫНЫН ПРОГРАММАСЫ* .48

*3-тиркеме. ОКУУ НАТЫЙЖАЛАРЫНЫН ТИЗМЕСИ* ...........................................................50

*4-тиркеме. ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯНЫН МҮЧӨЛӨРҮ ТАРАБЫНАН ТАЛДАНГАН ДОКУМЕНТТЕРДИН ЖАНА ИШТЕРДИН ТИЗМЕСИ*..........................................................51

## Программа жана аккредитация жараяны жөнүндө маалымат

### Билим берүү уюму жөнүндө кыскача маалымат

| | |
|---|---|
| **Билим берүү уюмунун (ББУ) аталышы** | Ош мамлекеттик университети |
| **Уюмдун менчигинин формасы Каттоо номери жана датасы** | Мамлекеттик 92413-3310-У-е, 20.06.2016 жыл |
| **Уюмдаштыруучу** | Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги |
| **ББУнун жетекчилиги** | Ректор ф-м.и.д., профессор Кожобеков К.Г. |
| **Аккредитациядан өтүүчү программа боюнча лицензиялык маалыматтар** | LU202600003 лицензиясы, мөөнөтсүз. 2026.02.20 |
| **ББУнын миссиясы** | жалпы адамзаттык баалуулуктарга ээ болгон жана мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө салым кошуучу заманбап адистерди даярдоо |
| **ББУнын стратегиялык максаттары** | Дүйнөнүн алдынкы ТОП-700 изилдөөчү университеттеринин катарына кирүү. ОшМУну Борбор Азиядагы эң алдынкы 3 университеттердин бирине айландыруу |
| **ББУнун артыкчылыктары** | ОшМУ өлкөдөгү 11 мамлекеттик университеттердин катарында ―Өзгөчө макам‖ алган окуу жай. Бул макамга ылайык билим берүү программаларынын стандарттарын түзүүдөн баштап финансылык, административдик жактан да автономия берилди. |
| **ББУнун жана ББПнын Магистранттарынын жана ПОКтун контингенти** | Университеттин студенттеринин контингенти – 48284, анын ичинде 1730 магистрант, ал эми аккредитацияланып жаткан программа боюнча 10 магистрант.<br><br>Университеттин профессордук-окутуучулар курамынын саны – 1727.<br>Жалпы ОшМУ боюнча 101 илимдин докторлору, 384 доценттер, 20 PhD, 314 улук окутуучу, 930 окутуучу, ал эми аккредитацияланып жаткан программа боюнча3 илимдин доктору, 14 илимдин кандидаты иштейт. |
| **ББУнун көмөкчү түзүмдүк бөлүмдөрү** | https://www.oshsu.kg/ru/page/24<br>Академиялык өнүгүү департаменти; Эл аралык байланыштар департаменти; Административдик-чарба департаменти; ОшМУнун Бизнес паркы; Окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо бөлүмү; Аккредитация жана лицензиялоо бөлүмү; Илим жана инновация бөлүмү; Кадрлар бөлүмү (студенттерди тейлөө менен); Маалымат коопсуздугу жана |

| | |
|---|---|
| | компьютерлерди техникалык тейлөө бөлүмү; Маалымат жана коомчулук менен байланыш борбору; Практика жана карьера борбору; ОшМУнун квалификацияны жогорулатуу борбору; Экономика, бизнес жана менеджмент институту |

**Билим берүү программасы жөнүндө кыскача маалымат**

| | |
|---|---|
| **Билим берүү программасынын (ББП) аталышы** | Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу |
| **Программанын шифры** | 580900 |
| **Профилдин аталышы / концентрациялар** | - |
| **Ыйгарылуучу даражалар, квалификациялар** | Магистр |
| **Факультеттин / департаменттин/ институттун аталышы** | Экономика, бизнес жана менеджмент институту |
| **Веб-сайтка шилтеме / аккредитацияланууч программаны баракчасы** | http://bim.oshsu.kg/pages/page/26721 |
| **Факультеттин / департаменттин/ институттун уюштуруу структурасы (шилтеме)** | http://bim.oshsu.kg/ |
| **Даярдоо деңгээли** | Магистратура |
| **ББПдагы кредиттердин саны** | 120 |
| **Дареги** | 723500, Кыргыз Республикасы, Ош шаары, Ленин көчөсү, 331 |
| **Окутуу формасы** | күндүзгү |
| **Окутуу тили** | Кыргыз/орус |
| **Өзүн-өзү баалоо жүргүзүүнүн даталары** | Октябрь 2025 - март 2026 |
| **ББУга эксперттик комиссиянын сапарынын даталары** | 06-07-апрель 2026-ж. |
| **Программанын жетекчиси/ кафедра башчысы** | Талайбек уулу Тариэль |
| **Биринчи аккредитациянын датасы** | Алгачкы |

Эксперттик комиссиянын курамы 2026-жылдын "23" мартында бекитилди. Комиссия алдын ала билим берүү уюму (ББУ) менен кызыкчылыктардын кагылышуусу жоктугу жана эксперттердин квалификациясына макулдук алуу маселелери боюнча макулдашылган. Комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирген (ар бир эксперт боюнча кыскача маалымат тиркемеде берилген):

1. **Пулатова Гульнара Тулановна,** экономика илимдеринин кандидаты, доцент, Батырали Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин Окуу бөлүмүнүн башчысы, EdNet агенттигинин сапатты камсыздоо системасы боюнча эксперти;
2. **Жакшылыкова Тинатин Азискановна,** «Психология» кафедрасынын башчысы, «Ала-Тоо» эл аралык университети, улук илимий кызматкер;

3. **Хан Надежда Романовна,** философия илимдеринин кандидаты, Италиянын Рим шаарындагы Антонианум университетинин профессору, Борбор Азия өлкөлөрүн изилдөөчү “Faith and Reason” илимий институтунун эксперти;

4. **Дуйшо кызы Нуржан,** саясий илимдеринин кандидаты, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Ж. Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу Академиясынын Магистратура программасынын доценти;

5. **Койчуманова Чолпон Урушбековна,** тарых илимдеринин доктору, профессор, КР УИАнын мүчө-корреспонденти, И. Арабаев атындагы КМУнун Э.Ж. Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү институтунун директору;

6. **Онкошова Гульнара Калмаковна,** Көп функциялуу "Гармония" коомдук бирикмесинин жетекчиси;

7. **Арынова Наргиза Сапаралиевна,** экономика илимдеринин кандидаты, Батырали Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин билим берүүнүн сапатын камсыздоо жана мониторинг бөлүмүнүн башчысы, EdNet агенттигинин сапатты камсыздоо системасы боюнча эксперти;

8. **Садырова Гулзат Камчыбековна,** К.Скрябин атындагы Кыргыз Улуттук Агрардык Университетинин Сапат, аккредитация жана лицензиялоо бөлүмүнүн башчысы. EdNet агенттигинин сапатты камсыздоо жана аккредитациялоо боюнча эксперти;

9. **Нургалиева Алмагуль Шаймуратовна,** экономика илимдеринин кандидаты, профессор, С. Сейфуллин атындагы Казак агротехникалык изилдөө университетинин академиялык маселелер боюнча департаментинин директорунун орун басары;

10. **Нарынгуль Маргазиева,** PhD, доценттин милдетин аткаруучу, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин туризм факультетинин деканынын орун басары;

11. **Мусабекова Зинат Ракымовна,** химия илимдеринин кандидаты, доцент, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин химия жана химиялык технология факультетинин ЮНЕСКО физикалык жана коллоиддик химия кафедрасынын башчысы;

12. **Шаршеев Эрмек Сабырович,** техникалык илимдердин кандидаты, доцент, Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин Архитектура, дизайн жана курулуш факультетинин «Экология жана өзгөчө кырдаалдарда коргонуу» кафедрасынын доценти;

13. **Сулайманова Майрамгул Азизбековна,** А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин «Химия» багыты боюнча ТТГФ тобунун 4-курс студенти.

Эксперттик комиссиянын ишин EdNet агенттигинин өкүлү, эксперттик комиссиянын ишин координатор катары Эдилбек уулу Сыймык коштоп жүрдү.

Стандарттар жана программа жалпы жонунан EdNet агенттигинде бекитилген баалоо шкаласына ылайык бааланды:

- Толугу менен шайкеш келет
- Көпчүлүк деңгээлде шайкеш келет
- Жарым-жартылай шайкеш келет
- Шайкеш келбейт

Ушуга байланыштуу, эксперттик комиссия ар бир стандарт боюнча программага төмөнкүдөй баа берди:

| | |
|---|---|
| 1- стандарт. Билим берүү уюмунун миссиясы жана билим берүү программасынын өнүктүрүү стратегиясы. | Көпчүлүк деңгээлде шайкеш келет |
| 2- стандарт. Сапатты камсыздоо саясаты жана системасы. | Көпчүлүк деңгээлде шайкеш келет |
| 3- стандарт. Билим берүү программасынын максаттары жана окуу натыйжалары. | Көпчүлүк деңгээлде шайкеш келет |
| 4- стандарт. Билим берүү программасын иштеп чыгуу, бекитүү жана анын мазмуну, студентке багытталган окутууга шарт түзүүчү окуу процесси. Магистранттардын жетишкендиктери жана бааланышы. | Көпчүлүк деңгээлде шайкеш келет |
| 5- стандарт. Профессордук-окутуучулар курамы. | Көпчүлүк деңгээлде шайкеш келет |
| 6 - стандарт. Инфраструктура, ресурстар жана магистранттарды колдоо. | Көпчүлүк деңгээлде шайкеш келет |
| 7- стандарт. Отчеттуулук, айкындуулук, башкаруу жана маалыматтын бүтүндүгү. Коомчулукту маалымдоо. | Жарым-жартылай шайкеш келет |

Эксперттик комиссиянын бардык мүчөлөрү баалоо толугу менен EdNet агенттигинин стандарттарына жана аккредитация өткөрүү саясатына ылайык жүргүзүлгөндүгүн тастыктайт, ошондой эле бул корутундуда берилген баалоонун жыйынтыктары чындыкка дал келип, коомчулукка толук объективдүү жана калыс маалыматты берет жана ага толук ишенүүгө болот. Ошондой эле алар чечим кабыл алуу үчүн EdNet агенттигинин Аккредитациялык кеңешине кароого сунуштарды беришти.

*EdNet агенттигинин Аккредитациялык кеңешинин чечиминин №* ***CA-16*** *протоколуна ылайык 580900 "Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу" Билим берүү программасы 5 жылга аккредиттелген.*

# Стандарттар боюнча программаны баалоо

## *1-СТАНДАРТ. БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУНУН МИССИЯСЫ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ.*

| ***Стандарттын аныктамасы*** |
|---|
| *Бул стандартка ылайык, билим берүү уюмунун так аныкталган Миссиясы болушу керек. Билим берүү уюмунун миссиясы жалпыга маалым болушу керек. Билим берүү программасын өнүктүрүү боюнча иштелип чыккан стратегия Билим берүү уюмунун миссиясын ишке ашырууга көмөктөшүүгө тийиш .* |
| ***Стандартка Колдонмо*** |
| *Уюмдун миссиясы ар бир билим берүү мекемесинин стратегиялык өнүгүү планынын эң маанилүү бөлүгү болуп саналат. Ал ишмердүүлүктүн негизги максатын аныктайт. Адатта, билим берүү уюму өз ишин так миссияны аныктоо менен баштайт, бул ички стейкхолдерлерди багыттап, аларга өз алдынча, ошол эле учурда жалпы максаттарга жетүү үчүн жамааттык түрдө иштөөгө мүмкүнчүлүк берет.*<br>*Миссия келечекке болгон умтулууну чагылдырат, эмнеге аракет жумшала турганын жана кайсы баалуулуктарга артыкчылык берилерин көрсөтөт. Уюмдун миссиясы жана максаттары билим берүү уюмунун өнүгүүсүнүн негизги багытын аныктайт. Миссияга ылайык ар бир билим берүү мекемеси үчүн өнүгүү стратегиясы жана стратегиялык өнүгүү планы иштелип чыгат.*<br>*Билим берүү программасын өнүктүрүү стратегиясы – бул билим берүү программасын өнүктүрүүнү башкаруу боюнча чаралар системасы, ал узак мөөнөттүү артыкчылыктарга негизделет. Өнүктүрүү стратегиясы максаттарды коюуну, ал максаттарга жетүү үчүн иш-аракеттерди аныктоону жана бул иш-аракеттерди ишке ашыруу үчүн зарыл болгон ресурстарды мобилизациялоону камтыйт. Билим берүү программасынын стратегиялык өнүгүү планы программанын максаттарына жетүү үчүн бар ресурстарды кандайча пайдалануу керектигин сүрөттөйт.* |

***Жалпы баалоо:***

Стандарттын мазмунун талдоо көрсөткөндөй, университеттин миссиясы расмий кабыл алынган, институттук жана коомдук каналдар аркылуу жеткиликтүү жана программанын максаттарында түз чагылдырылган. Өзүн-өзү баалоодо ОшМУнун миссиясы 2023-жылдын 31-мартындагы Окумуштуулар кеңешинин чечими менен бекитилгени, ал эми стратегиялык максаты дүйнөнүн алдыңкы TOP-700 изилдөөчү университеттеринин катарына кирүү жана Борбор Азиядагы алдыңкы үч университеттин бирине айлануу экени көрсөтүлгөн. Ошол эле бөлүмдө миссиянын расмий сайтта, институт сайтында, маалымат стенддеринде, буклеттерде, «Умут» телестудиясы, «Нур» жана «Дидактика» аркылуу, ошондой эле социалдык тармактарда жайылтылары белгиленген. Программа бул миссияны мамлекеттик жана муниципалдык органдар үчүн туруктуу өнүгүүгө салым кошо алган адистерди даярдоо аркылуу ишке ашырарын өзү көрсөтөт. (Өзүн-өзү баалоо отчету, 8–9-бб.).

Эксперттик комиссия эсептейт, бул стандарт боюнча программанын негизги күчтүү жери — университеттик миссия менен программалык максаттардын түз байланышта берилгендиги. Өзүн-өзү баалоодо ББПнын үч максаты ачык жазылган: билим берүүчү, инсандык-кесиптик жана изилдөөчүлүк-инновациялык максаттар. Мындан сырткары, программа өнүктүрүү стратегиясы 2024–2029-жылдарга карата бекитилгени жана анда

билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, мамлекеттик сектордун талаптарына ылайык мазмунду жаңылоо, практикалык жана долбоордук компонентти күчөтүү, илимий-изилдөө ишин активдештирүү, мамлекеттик органдар менен интеграцияны кеңейтүү жана региондук кадрдык потенциалды бекемдөө сыяктуу приоритеттер камтылганы көрсөтүлгөн. (Өзүн-өзү баалоо отчету, 9–10-бб.).

Берилген документтердин негизинде комиссия төмөнкүдөй жыйынтыкка келди: стратегия формалдуу гана эмес, белгилүү сандык көрсөткүчтөр менен да бекемделген. Маселен, стратегияда илимий даражасы бар кадрлардын үлүшүн ≥90,1%ке жеткирүү, диссертация темаларынын жок дегенде 70%ын практикалык багытка жакындатуу, жыл сайын тышкы эксперттик консультация өткөрүү, кеминде үч магистрантты илимий мекемелерге жөнөтүү, магистранттардын кеминде 60%ын квалификацияны жогорулатуу тренингдерине тартуу сыяктуу көрсөткүчтөр коюлган. Ошондой эле өзүн-өзү баалоо даярдалган мезгилге карата 5 магистрант квалификацияны жогорулатуу курстарына катышып, сертификат алганы, ал эми мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу боюнча долбоор 2025-жылы 3 000 000 сомдук, 2026-жылы 2 700 000 сомдук келишимдер менен иштеп жатканы жана 1500 кызматкерди камтыганы көрсөтүлгөн. Бул программаны региондук практика менен байланыштырган маанилүү күчтүү фактор болуп саналат. (Өзүн-өзү баалоо отчету, 10–13-бб.).

Бирок документтерди изилдөө жана SWOT маалыматтарын эске алуу менен комиссия төмөнкү жыйынтыкка келди: стратегиялык көрсөткүчтөр берилгени менен, алардын ар бири боюнча жооптуу аткаруучуларды, аралыктын аткарылуу статусун жана жылдык мониторинг циклин ачык, бирдиктүү форматта чагылдыруу зарыл. Өзүн-өзү баалоодогу SWOT бөлүмүндө айрым тышкы стейкхолдерлер ББУнун миссиясы жана стратегиялык документтери менен таанышууга жетиштүү кызыкдар эмес экени белгиленген. Бул программалык стратегияны тышкы чөйрөгө жеткирүү жана анын аткарылышын кеңири түшүндүрүү бөлүгүндө өсүү чекити бар экенин көрсөтөт. Долбоордук эксперттик корутундуда да бул стандарт боюнча акыркы баа «көбүнчө шайкеш келет» деп берилген. (Өзүн-өзү баалоо отчету, 13–14-бб.; эксперттик корутундунун долбоору, 5–6-бб., 7-б.)

***Артыкчылыктары:***

1. Университеттин миссиясы расмий бекитилген жана көп канал аркылуу жеткиликтүү.
2. Программа миссияны үч багыттуу максат аркылуу түз ишке ашырат: билим берүү, инсандык-кесиптик өнүгүү, изилдөөчүлүк-инновациялык компонент.
3. 2024–2029-жылдарга карата программалык стратегияда конкреттүү аткаруу көрсөткүчтөрү берилген.
4. Программа мамлекеттик сектор менен интеграцияланган практикалык долбоорлорго жана квалификацияны жогорулатуу курстарына таянат.
5. Стратегиянын айрым көрсөткүчтөрү боюнча баштапкы аткаруу фактылары көрсөтүлгөн, анын ичинде 5 магистранттын сертификат алышы жана ири көлөмдөгү квалификациялык долбоордун иштеши.

***Сунушталган чаралар:***

1. Программанын өнүктүрүү стратегиясы боюнча жылдык аткаруу картасын өзүнчө формада жарыялоо мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу сунушталат.

2. Тышкы стейкхолдерлер үчүн миссия жана стратегия боюнча кыскача маалыматтык пакетти даярдоо максатка ылайык.
3. Стратегиялык көрсөткүчтөрдү тобокелдиктер, жоопту аткаруучулар жана мөөнөттөр менен максатка ылайык толуктоо керек.
4. Программанын региондук таасирин көрсөткөн натыйжаларды өзүнчө индикаторлор менен белгилөө каралышы сунушталат

***Аткарууга милдеттүү сунуштар:***

1. Программанын өнүктүрүү стратегиясын аткаруунун сандык индикаторлорун системалаштыруу жана алар боюнча жылдык мониторинг формасын иштеп чыгуу.
2. Ар бир стратегиялык милдет боюнча жоопту аткаруучуларды, мөөнөттөрдү жана күтүлгөн натыйжаларды так көрсөтүүнү камсыз кылуу.
3. Тышкы стейкхолдерлерди стратегияны талкуулоого жана кайра карап чыгууга тартуу механизмин күчөтүү.
4. Миссия менен ББПнын максаттарынын ортосундагы байланышты программалык-сайттык материалдарда дагы даана көрсөтүүнү камсыз кылуу**..**
5. Стратегиянын аткарылышы боюнча жылдык ачык отчетту университет жана ББП деңгээлинде жарыялоо процессин активдештирүү.

***1-Стандарт боюнча комиссиянын чечими – ББПнын ишмердүүлүгү – Агенттиктин бул стандартына көпчүлүк деңгээлде шайкеш келет.***

## *2-СТАНДАРТ. САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ ЖАНА СИСТЕМАСЫ.*

***Стандарттын аныктамасы***

*Бул стандартка ылайык, билим берүү программасы академиялык сапатты камсыздоо саясатына жана системасына карата талаптарды аныктап, анын түзүлүшү жана ишке ашырылышы боюнча сапатты кепилдөө механизмдерин камтышы керек. Сапатты кепилдөө тутумуна ылайык, билим берүү уюму сапатты тыштан камсыздоо процедураларын үзгүлтүксүз негизде өткөрүп туруун жана ББПны тынымсыз өркүндөтүүнү караштырат.*

*Ички кызыкдар тараптар бул саясатты тышкы стейкхолдерлерди тартуу менен тиешелүү структуралар жана процесстер аркылуу иштеп чыгышы жана ишке ашырышы керек.*

*Билим берүү уюму программаларды көзөмөлдөөнү жана мезгил-мезгили менен карап чыгууну ишке ашыруусу зарыл. Бул аракеттер коюлган максаттарга жетүүнү жана Магистранттар менен коомдун муктаждыктарына ылайык келүүнү камсыз кылат. Карап чыгуу жыйынтыктары программаларды үзгүлтүксүз жакшыртууга багытталган болушу керек. Ар кандай пландалган иш-аракеттер же алынган жыйынтыктар бардык кызыкдар тараптарга маалымдалышы зарыл.*

*Программаны ишке ашыруу процессинде академиялык эркиндик жана академиялык чынчылдык принциптери сакталышы керек. ББПнын ички кызыкдар тараптары сапатты кепилдөө үчүн биргелешкен жоопкерчиликти сезишет.*

*Билим берүү программасын ишке ашыруу алкагында билим берүү программасынын Окуу натыйжаларынын максаттары менен мазмунун кайра карап чыгуу жана өзгөртүүлөрдү киргизүү механизми, ошондой эле Окуу натыйжаларына жетүү жана билим берүү*

| |
|---|
| *программасын өркүндөтүү үчүн окуу процессин мониторинг кылуу, баалоо жана оңдоо механизми аныкталышы керек.*<br>*Программаны ишке ашыруу учурунда бардык кызматкерлердин ишинин натыйжалуулугун тийиштүү баалоо камсыз кылынат жана профессордук-окутуучулар курам менен административдик персоналдын компетенттүүлүгүн жана ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө, баалоо жана өркүндөтүү механизми иштейт.*<br>*Ички кызыкдар тараптардын канааттануу деңгээлин баалоо механизмдери ББП сапатын жакшыртууга багытталган.Определение стандарта* |
| ***Стандартка Колдонмо***<br>*Саясат жана процесстер билим берүү уюмунун сапатты камсыздоо тутумунун негизги өзөгүн түзөт, бул үзгүлтүксүз өркүндөтүү цикли болуп саналат жана билим берүү уюмунун жоопкерчиликтүүлүгүн камсыздоого көмөктөшөт. Булардын бардыгы билим берүүнүн сапаты үчүн жоопкерчиликти бардык ички кызыкдар тараптар өзүнө алган жана окуу жайдын бардык деңгээлдеринде сапатты камсыздоо процесстерине катышкан сапат маданиятын өнүктүрүүгө колдоо көрсөтөт. Бул процессти илгерилетүү үчүн саясат расмий макамга ээ жана коомчулук үчүн жеткиликтүү.*<br>*Сапатты камсыздоо жаатындагы саясат билим берүү уюму иш алып барган улуттук контекстти, ошондой эле окуу жайдын ички контекстин жана анын стратегиялык жолун эске алуу менен илимий изилдөөлөр, окутуу жана үйрөтүүнүн ортосундагы байланышты чагылдырып, дагы натыйжалуу болот.*<br>*Билим берүү программаларын үзгүлтүксүз мониторинг кылуу, карап чыгуу жана кайра иштеп чыгуу натыйжалары программаларды үзгүлтүксүз жакшыртууга алып келиши керек.*<br>*Билим берүү уюму/Билим берүү программасы мыйзамдарга ылайык, белгиленген мезгилдерде сапатты тышкы камсыздоо процедураларына катышууга тийиш.*<br>*Билим берүү уюму/Билим берүү программасы сапатты тышкы камсыздоонун акыркы процедурасынан бери жетишилген прогрессти кийинки процедурага даярданууда эске алуу үчүн аракет кылууга тийиш.* |

***Жалпы баалоо:***

Стандарттын мазмунун талдоо көрсөткөндөй, университет деңгээлинде сапатты камсыздоо саясаты жана аны программага колдонуу механизми аныкталган. Өзүн-өзү баалоодо окуу планы, окуу жүктөмү, аудиториялык фонд, силлабустар, баалоо критерийлери жана упай берүү тартиби мамлекеттик стандарттын чегинде уюштурулуп, окуу бөлүмү, дирекция, кафедра жана усулдук кеңеш тарабынан көзөмөлдөнөрү көрсөтүлгөн. Ошондой эле сапатты жогорулатуу максатында илимий-теориялык семинарлар, конок лекциялар, практикалар боюнча отчетторду угуу сыяктуу иш-чаралар өткөрүлөрү жана ички-сырткы стейкхолдерлер ар түрдүү талкууларга, тегерек столдорго тартылары белгиленген. (Өзүн-өзү баалоо отчету, 15-б.).

Эксперттик комиссия тастыктайт, бул стандарт боюнча программада формалдуу механизмдер бар: анонимдүү анкетирлөө «Окутуучу студенттин көзү менен» жүргүзүлөт, дисциплиналар боюнча баалоо критерийлери силлабустарга киргизилет, ал эми сапатты камсыздоо саясаты программа менен кадр курамын калыптандырууда эске алынат. Мында маанилүү артыкчылык — сапатты камсыздоону обочолонгон администрациялык процедура катары эмес, окуу процесси, практикалык даярдык жана стейкхолдерлер менен диалог аркылуу көрүүгө аракет бар. (Өзүн-өзү баалоо отчету, 15-б.).

Бирок өзүн-өзү баалоонун ошол эле бөлүмүндө комиссия тарабынан анкетирлөөнүн жыйынтыктарына анализ жүргүзүү жана мониторинг жүргүзүүнүн механизмдерин

жакшыртуу боюнча компетенттүүлүктү жогорулатуу сунушталган. Демек, иштеп жаткан системанын алсыз жери — маалыматты чогултуу менен аны аналитикалык чечимге айландыруунун ортосундагы байланыштын толук институционалдашпаганы. Көрсөткүчтөрдүн канчалык деңгээлде анализденип, кандай оңдоочу чараларга айлангандыгы жана бул чаралар бардык кызыкдар тараптарга кандайча жеткирилгендиги өзүн-өзү баалоонун жеткиликтүү бөлүгүндө сандык форматта толук көрсөтүлгөн эмес. Долбоордук эксперттик корутундуда бул стандарт боюнча акыркы баа «көбүнчө шайкеш келет» деп берилиши да ушул абалды ырастайт. (Өзүн-өзү баалоо отчету, 15-б.; эксперттик корутундунун долбоору, 5–6-бб., 8-б.).

Документтерди изилдөө жана талдоонун негизинде комиссия төмөнкү жыйынтыкка келди: сапатты камсыздоонун негизги каркасы түзүлгөн, бирок сапат циклин толук жабуу үчүн «маалымат топтоо → талдоо → чечим кабыл алуу → кайра маалымдоо» чынжырын формалдаштыруу зарыл. Дал ушундай системалаштыруу жетинчи стандарттагы отчеттуулук жана маалыматтын ишенимдүүлүгү үчүн да негизги шарт болуп саналат. (Өзүн-өзү баалоо отчету, 15-б.; эксперттик корутундунун долбоору, 5–6-бб.).

***Артыкчылыктары:***

1. Сапатты камсыздоо саясаты университеттик деңгээлде аныкталган жана программага колдонулат.
2. Силлабустар аркылуу баалоо критерийлерин ачык көрсөтүү практикасы бар.
3. Анонимдүү анкетирлөө механизми иштейт.
4. ПОК, магистранттар жана стейкхолдерлер катышкан сапатка байланыштуу иш-чаралар өткөрүлөт.
5. Сапатты камсыздоо процесси окуу, практика жана тышкы байланыштар менен байланыштырылган.

***Сунушталган чаралар:***

1. Анкетирлөөнүн жыйынтыктарын кыска аналитикалык отчет түрүндө жыл сайын жарыялоо мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу сунушталат.
2. Сапат көрсөткүчтөрү боюнча дашборд форматын киргизүү максатка ылайык.
3. Оңдоочу чаралардын аткарылышына кийинки мониторинг жүргүзүү циклин өзүнчө регламент менен бекемдөө целесообразно внедрить.
4. Стейкхолдерлердин канааттануусу боюнча сандык көрсөткүчтөрдү стандарттуу формада топтоо каралышы сунушталат

***Аткарууга милдеттүү сунуштар:***

1. Анкетирлөөнүн жыйынтыктарын талдоо, интерпретациялоо жана башкаруучулук чечимдерге айлантуу механизмин иштеп чыгуу.
2. Сапатты камсыздоо боюнча кабыл алынган чечимдерди жана аткарылган чараларды документтештирүүнү камсыз кылуу.
3. Сапат циклинин бардык этаптары боюнча жооптуу түзүмдөрдүн функцияларын дагы так системалаштыруу.
4. Ички мониторингдин сандык көрсөткүчтөрүн жана динамикасын институттук деңгээлде күчөтүү.
5. Сапат боюнча жыйынтыктарды бардык кызыкдар тараптарга туруктуу маалымдоо практикасын активдештирүү

***2-Стандарт боюнча комиссиянын чечими – ББПнын ишмердүүлүгү – Агенттиктин бул стандартына көпчүлүк деңгээлде шайкеш келет.***

## *3-СТАНДАРТ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАКСАТТАРЫ ЖАНА ОКУУ НАТЫЙЖАЛАРЫ.*

| |
|---|
| ***Стандарттын аныктамасы*** <br> *Бул стандартка ылайык, билим берүү программасы так аныкталган жана бекитилген окуу Максаттарын жана Натыйжаларын камтышы керек, алар билим берүү программасынын стейкхолдерлеринин (керектөөчүлөрдүн/кызыкдар тараптардын) талаптарын жана суроо-талаптарын эске алып, билим берүү уюмунун миссиясына шайкеш келиши зарыл.* <br> *Окуу натыйжалары деп, билим берүү программасын аяктагандан кийин магистранттардын билимин, жөндөмдөрүн жана көндүмдөрүн колдонуу жөндөмдүүлүгүн (компетенцияларын) түшүнүүгө болот.* <br> *Окуунун натыйжалары билим берүү программасынын максаттарына, квалификациялардын улуттук алкагына жана мамлекеттик билим берүү стандарттарына шайкеш келиши жана жооп бериши зарыл.* |
| ***Стандартка Колдонмо*** <br> *Окуу Максаттары жана окуу Натыйжалары билим берүү программасын өнүктүрүүнүн негизги түзүүчү бөлүктөрүнүн бири болуп саналат. Стейкхолдерлердин, айрыкча иш берүүчүлөрдүн, окуу максаттарын жана окуу Натыйжаларын түзүүгө катышуусу көз карандысыз аккредитациянын негизги талаптарынын бири болуп эсептелет. Билим берүү программасы күткөн окуу Натыйжаларына жетишилгенин жана билим берүү программасынын окуу процессинин натыйжага багытталгандыгын көрсөтүүгө тийиш.* <br> *Окуу Максаттары жана окуу Натыйжалары жогрку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарга каршы келбейт, тескерисинче, алардын өркүндөтүлүшүнө өбөлгө түзөт.* <br> *Окуу Натыйжалары аркылуу билим берүү программасы өзүнүн уникалдуулугун конкреттүү билим берүү уюмунда көрсөтө алат.* |

***Жалпы баалоо:***

*Стандарттын мазмунун талдоо көрсөткөндөй,* 580900 «Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу» билим берүү программасында жазылган максаттар жана окуу натыйжалары так аныкталган. Алар, университеттин миссиясына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана мамлекеттик башкаруу тармагындагы адистерге болгон талаптарга жалпысынан туура келет жана муктаждыктарын эске алат. ББПнын максаттары экономикалык, укуктук жана башкаруучулук билимдерди интеграциялоо, лидерлик жана аналитикалык көндүмдөрдү өнүктүрүү аркылуу мамлекеттик жана муниципалдык сектор үчүн квалификациялуу кадрларды даярдоого багытталган. Бул окуу планында камтылган предметтер менен жана силлабустардын мазмуну менен тастыкталат. Программада изилдөө компонентине да көңүл бурулат, магистранттар мамлекеттик жана аймактык көйгөйлөргө багытталган темаларда изилдөө жүргүзүп, практикага чыгып, учурда магистрдик диссертация даярдашууда. Бул алардын аналитикалык жана стратегиялык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүп, мамлекеттик саясатты иштеп чыгууга, дегеле мамлекеттик башкаруу системасына катышып салым кошууга даярдайт. Мындан тышкары, окуу натыйжалары магистранттарга жалпысынан алганда жеткиликтүү (силлабустар, окуу пландары, кейстер, тесттер MYEDU системасы аркылуу), жана мугалимдер тарабынан

окутуу процессинде да колдонулат. Маектешүүлөрдүн жыйынтыгында магистранттар окуу процессинин практикага багытталгандыгын жана өз алдынча изилдөө жүргүзүү көндүмдөрү өнүгүп жатканын белгилешкен, бул да ББПнын максаттарынын ишке ашып жаткандыгын тастыктайт.

Эксперттик комиссия эсептейт, окуу натыйжалары ББПнын максаттарына жана мамлекеттик билим берүү стандарттарына жалпысынан шайкеш келет.

*1. Окуу натыйыйжаларынын (ОН) практикалык ишке ашуусу төмөндөгүдөй жүрөт:*

**- ОН-1** Магистранттар мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу багытында талдоодо аналитикалык баяндамаларды даярдаганга катышышат, анын ичинде кээ бир айыл өкмөттөрдүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын жазууга катышууга сунуштар да берилген. Бул алардын аналитикалык компетенциясынын калыптанышына шарт түзөт.

**- ОН-2** Окуу процессинде топтук презентацияларды жасоо, кичи топтордо иштөө, ар кандай кейстерди талкуулоодо өзүнүн аргументин жактоо аркылуу калыптандырышат. Презентациялардан тышкары, магистранттар илимий макала жазуу, конференцияларда баяндама жасоо, мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу багытында ар кыл дискуссияларга катышуу аркылуу коммуникациялык көндүмдөрүн өнүктүрүп келишет.

**- ОН-3** Маалыматтарды иштетүү жана визуалдаштыруу аркылуу өнүктүрүлөт. Бул үчүн окуу планында тиешелүү предметтер камтылган. Статистикалык маалыматтарды таап алар менен иштөө, MYEDU системасында онлайн тапшырмаларды аткаруу, тестерди тапшыруу. Бул ИКТ компетенциясынын практикалык колдонулушу.

**- ОН-4** Бул практикалык ишмердүүлүк аркылуу ишке ашырылат - магистранттар практика учурунда мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу органдары үчүн ар кыл документтерди даярдаганга катышышат. Мисал катары практиканын алкагында, кызматтык каттар, аналитикалык справкалар, долбоордук сунуштар, протоколдор, приказ, тескеме ж.б. даярдалат, ага катышуу магистрантты башкаруу сферасында реалдуу документ жүгүртүүгө үйрөтөт. Ошондой эле санариптик платформаларда ар кыл маалыматтар менен иштеп, визуалдаштырат. Бул болсо ИКТ компетенциясынын практикалык колдонулушун көрсөтөт. Бул маалыматтар окутуучулар, магистранттар жана стейкхолдерлер менен маектешүүдө да белгиленди.

**- ОН-5** топтук долбоорлор, ролдук оюндар (кейстер), долбоорлорду коргоо. Практика учурунда магистрант реалдуу мекеме же уюм үчүн аналитикалык справка же нормативдик документ даярдайт, топтук долбоорлордо лидерлик жана командалык иш жүргүзөт. Бул мугалимдер тарабынан маектешүүдө белгиленди.

*Окуу натыйыйжаларынын окуу дисциплиналары менен байланышы төмөндөгүдөй жүрөт:*

Окуу планында окуу натыйжалары дисциплиналардын мазмунуна ылайык камтылган, алардын кээ бирлерин мисал катары жазсак:

- «Мамлекеттик саясатты талдоо»
- «Мамлекеттик жана муниципалдык башкарууну укуктук камсыздоо»
- «Муниципалдык башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу»
- «Коррупцияга каршы саясат»

- “Мамлекеттик жана муниципалдык башкарууда долбоорлорду жана өнүктүрүү программаларын башкаруу”
- «Мамлекеттик сатып алуулар»
- Критикалык ой жүгүртүү, ой жүгүртүүнү дизайндоо ж.б.

Окуу натыйжаларынын предметтердин мазмунунда, өз алдынча иштерди жазууда, тесттерди тапшырууда, кейстерди жана башка үй тапшырмаларын аткарууда чагылдырылышы, өз кезегинде окуу программасынын учурдун талабына ылайык магистранттарды даярдоого шарт түзүүгө багытталганын көрсөтөт. Бул маалыматтын бир бөлүгүн силлабустардын мазмунунан жана MYEDU системасынан да көрсөк болот.

ББПнын окуу натыйжалары магистранттар, окутуучулар жана башка кызыкдар тараптар үчүн жеткиликтүү. Бул төмөнкү механизмдер аркылуу камсыздалат: окуу пландары жана силлабустар аркылуу, MYEDU маалыматтык системасы аркылуу, ошондой эле расмий сайтта окуу материалдарында жайгаштырылган. Бул дагы өз кезегинде жакшы көрсөткүч десек болот. Ошону менен бирге эле силлабустарды талдоодо кээ бир маселелер аныкталды. Айрым дисциплиналарда окуу натыйжалары менен мазмундун ортосунда толук шайкештик жетишээрлик деңгээлде камсыздалган эмес. Мисалы, «Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин кесиптик этикасы» дисциплинасы боюнча өз алдынча иштердин (СРС) темалары негизинен чет өлкөлүк (айрыкча Россиянын) тажрыйбасына багытталган. Ошол эле учурда, бул темалар окуу натыйжаларында каралган компетенциялар менен толук шайкеш келбейт жана Кыргыз Республикасынын контексти жетишсиз чагылдырылган. Ошондой эле кээ бир дисциплиналарда каралган темалар башка дисциплиналардын темаларын кайталаган учурлар кездешет (“Основы публичного управления”). Бул окуу натыйжаларынын практикалык багытталышын жана улуттук муктаждыктарга шайкештигин төмөндөтөт. Мындан тышкары, айрым дисциплиналарда максаттар жана милдеттер мазмундук жактан кайталанып, окуу натыйжаларын калыптандырууга багытталган так структура байкалбайт. Бул окуу натыйжаларынын логикалык түзүлүшүн алсыратат.

*ПОК, административдик-башкаруу курамы (АБК) жана магистранттар менен жүргүзүлгөн маектешүүлөрдүн жүрүшүндө комиссия төмөнкү жыйынтыкка келди:*

Окутуучулар окуу натыйжаларын жакшы түшүнүшөт жана окутуу процессинде колдонушат. Магистранттар да өз кезегинде окуу процессинин практикага багытталгандыгын белгилешти. Алар өз алдынча изилдөө жүргүзүү жана презентация жасоо көндүмдөрү өнүгүп жатканын тастыкташты. Эксперттик комиссия тастыктайт, окуу натыйжалары окутуу процессинде реалдуу ишке ашырылууда.

Бирок ошону менен бирге маектешүүлөрдүн жүрүшүндө жана документтерди талдоо учурунда төмөнкү маселелер аныкталды:

1. Стейкхолдерлерди (иш берүүчүлөрдү) окуу натыйжаларын иштеп чыгууга тартуу жүргүзүлөт, бирок туруктуу системага түшө элек.

2. Окуу натыйжаларынын жетишилген деңгээлин баалоо үчүн так өлчөнүүчү индикаторлор (KPI) жетишсиз.

3. Практика багытында мекемелер, мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу органдары менен кызматташуу механизми толук калыптана элек. Мисалы алар менен реалдуу кейстерди талкуулоо, алар тараптан иштелип чыгуучу ченемдик укуктук

документтерге системалуу түрдө катышуу, конок лекцияларын системалуу түрдө уюштуруу багытында иштер жүргүзүлөт, бирок туруктуу эмес.

Тышкы эксперттик комиссиянын сапары учурунда окуу натыйжалары негизинен окуу процессинде колдонулуп жаткандыгы жана практикалык компонент аркылуу бекемделип жаткандыгы аныкталды. Бирок алардын системалуу мониторинги жана баалоо инструменттерин дагы да жакшыртуу керек экендиги байкалат.

Берилген документтердин, анын ичинде өзүн-өзү баалоо отчетунун жана окуу-методикалык материалдардын негизинде комиссия төмөнкүдөй жыйынтыкка келди:

1. Билим берүү программасынын максаттары жана окуу натыйжалары логикалык байланышта түзүлгөн

2. Окуу натыйжалары компетенттүүлүккө багытталган

3. Окуу натыйжалары дисциплиналар жана практикалар аркылуу камсыздалган

4. Окуу натыйжалары магистранттар, окутуучулар жана башка кызыкдар тараптар үчүн жеткиликтүү

5. Окуу планында окуу натыйжалары дисциплиналардын мазмунуна ылайык камтылган

Документтерди изилдөө жана маектешүүлөрдү өткөрүү учурунда алынган маалыматтарды эске алуу менен, комиссия төмөнкү жыйынтыкка келди:

Билим берүү программасынын окуу натыйжалары жана максаттары жалпысынан талаптарга жооп берет, бирок сапатты камсыз кылуу жана өлчөнүүчүлүк аспектилеринде жакшыртууну талап кылат.

Билим берүү программасында окуу натыйжалары так аныкталган, дисциплиналар, практикалар жана изилдөө ишмердүүлүгү аркылуу ишке ашырылат жана жалпысынан мамлекеттик билим берүү стандарттарына шайкеш келет. Ошол эле учурда, окуу натыйжаларынын жетишилген деңгээлин өлчөө, аларды системалуу мониторинг жүргүзүү жана стейкхолдерлерди туруктуу тартуу механизмдерин мындан да жакшыртуу маселеси бар.

Өзүн-өзү баалоо отчетунун, SWOT анализинин, берилген далилдик базанын жана маектешүүлөрдүн жыйынтыктарынын негизинде эксперттик комиссия төмөнкү жыйынтыкка келди:

***Артыкчылыктары:***

1. Окуу натыйжалары конкреттүү практикалык ишмердүүлүктөр аркылуу ишке ашырылат. Айрыкча, магистранттардын практика учурунда аналитикалык документтерди, кызматтык каттарды жана долбоордук сунуштарды даярдоого катышуусу мамлекеттик жана муниципалдык башкаруудагы керектүү көндүмдөргө ээ болуусуна алып келет. Бул бүтүрүүчүлөрдүн эмгек рыногуна даярдыгын камсыз кылган маанилүү артыкчылык болуп саналат.
2. Окуу натыйжаларынын дисциплиналар менен логикалык байланышы бар. Окуу планында «Мамлекеттик саясатты талдоо», «Мамлекеттик жана муниципалдык башкарууну укуктук камсыздоо», «Муниципалдык башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу», «Коррупцияга каршы саясат», “Мамлекеттик жана муниципалдык башкарууда долбоорлорду жана өнүктүрүү программаларын

башкаруу",  «Мамлекеттик сатып алуулар» ж.б. профильдик дисциплиналар камтылган. Бул окуу натыйжаларынын мазмуну мамлекеттик башкаруу системасында талап кылынган компетенциялар менен түздөн-түз байланышта экенин көрсөтөт. Окуу натыйжаларынын предметтердин мазмунунда, өз алдынча иштерди жазууда, тесттерди тапшырууда, кейстерди жана башка үй тапшырмаларын аткарууда чагылдырылат.

3. Магистранттар мамлекеттик жана аймактык көйгөйлөргө багытталган изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн, практикада материалдарды топтоп, магистрдик диссертация жазышууда. Магистранттарга илимий темасына ылайык макала даярдап, илимий кофенренция, семинарларда доклад жасоо талабы да коюлган. Учурда анын үстүнөн иштешүүдө.
4. Изилдөө компонентинин негизинде, магистрдик диссертация жазылышы үчүн шарттар түзүлгөн, усулдук колдонмо иштелип чыгып илимий жетекчилери бекитилген.
5. Магистердик диссертациялардын темалары программанын жыйынында каралып, талкууланган. Илимий жетекчилери магистранттар менен байланышып, иштөө процессинде.
6. Топтук долбоорлор, презентациялар жана кейстер аркылуу магистранттарда кесиптик коммуникация, аргументация жана лидерлик көндүмдөр калыптанат. Бул мамлекеттик кызматкерлер үчүн негизги компетенциялардын бири болуп саналат.
7. Окуу процессинде маалыматтарды иштетүү, талдоо жана визуалдаштыруу элементтеринин колдонулушу магистранттардын санариптик компетенцияларын өнүктүрөт, бул учурдагы мамлекеттик башкаруунун санариптешүү шартында актуалдуу.
8. ББП да жазылган максаттар жана окуу натыйжалары так аныкталган. Алар, университеттин миссиясына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана мамлекеттик башкаруу тармагындагы адистерге болгон талаптарга жалпысынан туура келет.
9. ББПнын окуу натыйжалары окуу пландары жана силлабустар аркылуу, MYEDU маалыматтык системасы аркылуу жана расмий сайтта окуу материалдарында жайгаштырылган маалыматтар аркылуу да жеткиликтүү.

***Сунушталган чаралар:***

1. *Окуу натыйжалары үчүн өлчөнүүчү көрсөткүчтөрдү иштеп чыгуу.* Ар бир окуу натыйжасы боюнча так баалоо критерийлерин жана көрсөткүчтөрдү (индикаторлорду) аныктоо зарыл. Бул окуу жетишкендиктерин объективдүү баалоого жана сапатты системалуу мониторинг жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.
2. *Стейкхолдерлерди системалуу тартуу механизмин киргизүү.* Иш берүүчүлөрдү, мамлекеттик органдардын өкүлдөрүн окуу натыйжаларын иштеп чыгуу, жаңылоо жана баалоо процесстерине туруктуу негизде тартуу үчүн кеңеш берүүчү орган түзүү сунушталат.
3. *Окуу натыйжаларын эмгек рыногу менен байланыштыруу анализин күчөтүү.* Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу, карьералык траекториясы жана иш

берүүчүлөрдүн пикирлери аркылуу окуу натыйжаларынын актуалдуулугун баалоо механизмин киргизүү сунушталат.

4. *Окуу натыйжаларын мезгил-мезгили менен жаңылоо процедурасын активдештирүү*. Жыл сайын же белгиленген мөөнөттө окуу натыйжаларын кайра карап чыгуу жана жаңылоо боюнча иш-аракеттерди документтештирүү сунушталат.

***Аткарууга милдеттүү сунуштар:***

1. *Окуу натыйжаларынын өлчөнүүчү көрсөткүчтөрүн (индикаторлорун) жана баалоо критерийлерин иштеп чыгуу жана бекитүү*. Бул талап окуу сапатын камсыз кылуунун негизги элементи болуп саналат. Ар бир окуу натыйжасы боюнча жетишүү деңгээлин аныктоочу конкреттүү индикаторлор иштелип чыгып, окуу-методикалык документтерге киргизилиши зарыл.
2. *Стейкхолдерлердин катышуусун институционалдаштыруу*. Иш берүүчүлөрдү жана практик адистерди окуу натыйжаларын иштеп чыгууга жана баалоого туруктуу негизде тартуу механизми түзүлүшү керек.
3. *Окуу натыйжаларынын жетишилген деңгээлине системалуу мониторинг жүргүзүү системасын киргизүү*. Баалоо жыйынтыктарын талдоо, жыйынтыктоо жана анын негизинде окуу процессин жакшыртуу боюнча туруктуу механизм иштелип чыгышы зарыл.
5. *Бүтүрүүчүлөрдүн жана иш берүүчүлөрдүн пикирлерин системалуу чогултуу жана колдонуу*. Бул маалыматтар окуу натыйжаларынын актуалдуулугун баалоодо жана программаны өркүндөтүүдө милдеттүү түрдө колдонулушу керек.

***3-Стандарт боюнча комиссиянын чечими – ББПнын ишмердүүлүгү – Агенттиктин бул стандартына көпчүлүк деңгээлде шайкеш келет.***

## 4-СТАНДАРТ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШТЕП ЧЫГУУ, БЕКИТҮҮ ЖАНА АНЫН МАЗМУНУ, СТУДЕНТКЕ БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУГА ШАРТ ТҮЗҮҮЧҮ ОКУУ ПРОЦЕССИ. МАГИСТРАНТТАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИ ЖАНА БААЛАНЫШЫ.

***Стандарттын аныктамасы***

*Бул стандартка ылайык, билим берүү уюмдары өз программаларын иштеп чыгуу жана бекитүү процедураларына ээ болушу керек. Билим берүү программалары белгиленген максаттарга ылайык иштелип чыгышы зарыл.*

*Билим берүү программасынын түзүмү жана мазмуну Окуу натыйжаларын камсыздоого тийиш. Билим берүү программасынын ичинде дисциплиналар жана алардын логикалык ырааттуулугу так аныкталган, кредиттердин саны Билим берүү программасынын алкагында белгиленген дисциплиналарга туура келет.*

*Колдонулган окутуу формалары жана ыкмалары, ишке ашырылып жаткан Билим берүү программасы бардык Магистранттардын Окуу натыйжаларына жетишүүсүнө кепилдик бериши керек.*

*Программаны өздөштүрүүнүн натыйжасында алынган квалификация так аныкталып жана түшүндүрүлүп, улуттук квалификациялар түзүмүнүн белгилүү бир деңгээлине ылайык келиши керек.*

*Программа Магистранттарды окуу жараянын биргелешип түзүүгө активдүү катышууга шыктандырышы зарыл, ал эми Магистранттар дин жетишкендиктерин баалоо ушул ыкманы чагылдырышы керек.*

*Билим берүү уюму / Билим берүү программасы магистранттын "өмүр циклинин" бардык этаптарын – атап айтканда, кабыл алуу, академиялык ийгилик, бүтүрүү жана таанылуусун – камтыган алдын ала аныкталган жана жарыяланган эрежелерди бирдей колдонушу зарыл.*

*Билим берүү программасында колдонулган ыкмалар дисциплиналардын/модулдардын/программалардын Окуу натыйжаларын ачык, объективдүү жана адекваттуу баалоону камсыз кылууга тийиш.*

*Билим берүү программасы инновациялык практикаларды киргизүүнү, практика уюштурууну, Магистранттардын өз алдынча иштерин, Магистранттардын илимий-изилдөө иштерин жана башка Окуу натыйжаларына жетишүүнү камсыз кылуучу иш-чараларды камтыйт.*

*Магистранттарга аналитикалык жана сынчыл ой жүгүртүү принциптерин үйрөтүү каралган.*

*Магистранттардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ийкемдүү окуу траекторияларын ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзгөн жагымдуу билим берүү чөйрөсү түзүлүшү керек.*

*Магистранттар менен окутуучулардын ортосундагы өз ара аракеттенүү магистрдининсандыгына урмат-сый көрсөтүүнү камсыздайт.*

*Билим берүү программасы Магистранттардын Окуу натыйжаларына толук жетишүүсүн камсыз кылуу үчүн маалыматтык-билим берүү, илимий-изилдөө жана окуу-усулдук ресурстар (усулдук колдонмолор, китептер, электрондук ресурстар, кошумча адабияттар) менен камсыз болушу керек.*

*Академиялык мобилдүүлүк маанилүү фактор болуп саналат, ал Магистранттардын окуу планынын бир катар дисциплиналарын башка өлкөлөрдүн же өлкөнүн Билим берүү уюмдарында окуп-үйрөнүүсүн, практикаларды жана стажировкаларды өтүүсүн карайт.*

*Билим берүү программасы башка университеттер жана илимий мекемелер менен өнөктөштүктү өнүктүрүп, Магистранттарга башка университеттердин ресурстарына жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.*

***Стандартка Колдонмо***

*Билим берүү программалары билим берүү уюмдарынын билим берүү миссиясынын өзөгүн түзөт. Алар Магистранттарга академиялык билимдерди жана маанилүү көндүмдөрдү, анын ичинде алардын инсандык өнүгүүсүнө таасир эте турган жана келечектеги карьерасында колдонсо болот.*

*Студентке багытталган окутуу жана окутуу мотивацияны, өз алдынча ой жүгүртүүнү жана Магистранттардын окуу процессине катышуусун өнүктүрүүдө маанилүү роль ойнойт. Бул процесс окуу планын иштеп чыгууга жана тапшырууга, ошондой эле окуунун натыйжаларын баалоого тең салмактуу мамилени талап кылат.*

*Магистранттарга академиялык карьерасын өнүктүрүү үчүн зарыл болгон шарттарды жана колдоону камсыз кылуу жеке Магистранттар дин, программалардын, мекемелердин жана системалардын эң жакшы кызыкчылыктарын эске алуу менен жасалышы керек. Магистрантты кабыл алуу, таануу жана аяктоо жол-жоболору белгиленген максаттарга*

*жооп бериши абдан маанилүү, айрыкча Магистранттардын өлкө ичинде жана эл аралык деңгээлде мобилдүүлүгүнүн чөйрөсүндө.*

*Кирүү саясаттары, процесстери жана Магистранттарды кабыл алуу критерийлери бирдиктүү жана ачык-айкын түрдө ишке ашырылышы маанилүү. Жогорку окуу жайына кабыл алынгандан кийин Магистранттар ге университетке жана билим берүү программасына ылайыкташуу мүмкүнчүлүгүн берүү керек.*

*Мекемелер Магистранттардын жетишкендиктери боюнча маалыматты чогултуу, көзөмөлдөө жана көзөмөлдөө процесстерин жана инструменттерин ишке ашыруусу керек.*

*Жогорку билим берүүнүн квалификациясын, окуу мөөнөттөрүн жана мурунку билимин объективдүү таануу, анын ичинде формалдуу эмес жана формалдуу эмес окутууну таануу Магистранттардын окуу процессинде прогрессти камсыз кылуунун жана ошол эле учурда мобилдүүлүккө көмөктөшүүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

*Бүтүрүү магистранттын билим алуу мезгилинин туу чокусун билдирет. Магистранттар жетишилген квалификацияны түшүндүргөн тиешелүү документтерди, анын ичинде жетишилген окуу натыйжаларын, алынган билимдин контекстти, деңгээлин, мазмунун жана статусун, ошондой эле ийгиликтүү аяктагандыгынын далилдерин алышы керек.*

***Жалпы баалоо:***

Документтерди талдоо жана маектешүүлөрдүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, 580900 «Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу» билим берүү программасында окуу процесси жалпысынан магистранттарга багытталган окутуу принциптерине ылайык уюштурулган жана заманбап талаптарга негизинен жооп берет.

Биринчи кезекте, программада магистрантка багытталган окутуунун негизги элементтери ишке ашырылган. Магистранттарга жеке илимий жетекчилер бекитилип, алар диссертация темаларын өз алдынча тандоо мүмкүнчүлүгүнө ээ. Окуу планында тандоо компоненттеринин камтылган, бул өз кезегинде магистранттардын жеке билим берүү траекториясын түзүүгө шарт түзөт. Бул фактылар магистранттын активдүүдүлүгүн жогорулатууга багытталгандыгын тастыктайт.

Экинчиден, окуу процессинин практикалык багытталышы жетиштүү деңгээлде камсыздалган. Окуу планында практиканын көлөмү 36 кредитти (жалпы көлөмдүн 30%) түзөт. Практика мамлекеттик жана муниципалдык органдарда өткөрүлүп, магистранттар башкаруу процесстерине катышуу, аналитикалык материалдарды даярдоо жана уюмдардын ишмердүүлүгүн талдоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Маектешүүлөрдүн жүрүшүндө да магистранттар алар тарабынан өтөлүп жаткан практикалар алардын теориялык билимдерин бекемдөөгө салым кошуп жаткандыгын белгилешти.

Үчүнчүдөн, окуу процессин санариптик колдоо системасы бар. MYEDU маалыматтык системасы аркылуу:

- окуу материалдарынын жеткиликтүүлүгү камсыздалган
- тапшырмаларды жүктөө жана текшерүү жүргүзүлөт
- магистранттын жетишкендиктери катталат

Бул өз кезегинде окутуунун ачык-айкындуулугун жогорулатат.

Төртүнчүдөн, баалоо системасы регламенттелген жана колдонулууда. Баалоо жыйынтыктары электрондук системада катталып, магистранттар үчүн жеткиликтүү болуп саналат. Магистранттардын билимдери тесттер, практикалык тапшырмалар, долбоордук

иштерди жактоо жана жыйынтыктоочу аттестациялар аркылуу бааланат. Албетте жыйынтыктоочу аттестация буга чейин магистратура программасында боло элек, биринчи бүтүрүүчүлөр болуп жаткандыктан бардык методикалык колдонмолор иштелип чыгып бекитилген. Алар магистранттар үчүн жеткиликтүү.

Бешинчиден силлабустарды жана окуу-методикалык материалдарды талдоо көрсөткөндөй, билим берүү программасында магистранттарды окуу адабияттары менен камсыздоо белгилүү деңгээлде уюштурулган. Айрым дисциплиналарда негизги жана кошумча адабияттар көрсөтүлгөн, ошондой эле окуу материалдары электрондук форматта жеткиликтүү (MYEDU маалыматтык системасы аркылуу).

Ошол эле учурда, бир катар көйгөйлөр да кездешет. Айрым дисциплиналарда заманбап илимий публикациялар жана эл аралык изилдөөлөр жетишсиз колдонулат. Электрондук ресурстарга жана академиялык базаларга шилтемелер кээ бир учурларда камтылган эмес. Мындан тышкары, айрым силлабустарда адабияттар тизмеси толук берилбеген же дисциплинанын мазмунуна толук шайкеш келбеген учурлар кездешет. Бул магистратура деңгээли үчүн талап кылынган изилдөөчүлүк жана аналитикалык көндүмдөрдү толук калыптандырууга тоскоолдук жаратат.

Маектешүүлөрдүн жүрүшүндө магистранттар окуу материалдары негизинен жеткиликтүү экенин белгилешкен, бирок заманбап жана практикага багытталган булактарды көбөйтүү зарылдыгын айтышкан.

Ошол эле учурда, эксперттик баалоонун жүрүшүндө төмөнкү маселелер аныкталды.

1. Биринчиден, академиялык мобилдүүлүк жетиштүү деңгээлде өнүккөн эмес. Документтерде жана маектешүүлөрдө магистранттардын жана мугалимдердин эл аралык алмашуу программаларына катышуусу чектелүү экендиги белгиленет. Бул программанын тажрыйба алмашуу деңгээлин төмөндөтөт.

2. Экинчиден, практиканын сапатын баалоо механизми жетиштүү деңгээлде детализацияланган эмес. Практика өтүлүп жаткандыгы көрсөтүлгөнү менен, анын натыйжалуулугун баалоо үчүн иш берүүчүлөрдүн пикирлерин системалуу чогултуу жана талдоо механизми толук калыптана элек.

3. Үчүнчүдөн, магистранттардын окуу процессине таасир этүү мүмкүнчүлүктөрү бар, бирок бир аз формалдуу деңгээлде көрсөтүлгөн. Мисалы: пикирлерди чогултуу (анкета ж.б.) бар, бирок алардын негизинде кабыл алынган чечимдерди документтештирүү жана кайра байланыш (feedback) толук көрүнбөйт.

Тышкы эксперттик комиссиянын сапары учурунда окуу процесси жетишээрлик деңгээлде уюштурулгандыгы, практикалык багытталышы жана санариптик колдоосу тастыкталды. Ошол эле учурда, окутуу методдорун системалаштыруу жана эл аралык компонентти күчөтүү зарылдыгы белгиленди.

*Силлабустарды талдоо окуу-методикалык камсыздоодо бир катар маселелер аныкталды:*

Биринчи кезекте, программа боюнча документтердин форматы бирдей эмес:

- айрым дисциплиналар силлабус түрүндө, айрымдары окуу-методикалык комплекс (УМК) түрүндө берилген. Бул окуу процессин уюштурууда бирдиктүү талаптардын жоктугун көрсөтөт жана документтерди унификациялоону талап кылат.

Экинчиден, айрым дисциплиналарда методикалык талаптар толук сакталган эмес. Мисалы:

1. *«Публичное управление»* дисциплинасында адабияттар тизмеси жок, мазмуну башка дисциплиналар менен кайталанат жана структурасы логикалык жактан жетиштүү деңгээлде иштелип чыккан эмес

2. *«Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин кесиптик этикасы»* дисциплинасында:

- силлабустун ордуна УМК берилген
- максаттар жана милдеттер кайталанат
- СРС темалары окуу натыйжалары менен толук дал келбейт
- техникалык каталар бар (мисалы: адабияттардын тизмеси, экзамендик тесттер башка дисциплинаны аты менен жазылган)

3. *«Кадр саясаты жана кадрдык иш»* дисциплинасында:

- курстун максаты магистратура деңгээлине шайкеш келбейт
- эскирген нормативдик-укуктук актылар колдонулган
- адабияттар тизмеси чектелүү (болгону 4 булак)
- заманбап илимий жана электрондук ресурстар жетишсиз

Бул курстун силлабусу окуу мазмунун кайрадан карап чыгып, актуалдаштырууну талап кылат.

Ошол эле учурда, позитивдүү мисалдар да аныкталды:

1. «Модернизацияланган стратегиялык башкаруу» дисциплинасы жогорку деңгээлде иштелип чыккан, адабияттар тизмеси, илимий жана электрондук ресурстар жетиштүү. Силлабусту иштеп чыгуу боюнча бардык талаптарга толугу менен жооп берет.

2. «Коррупцияга каршы саясат» дисциплинасы дагы мазмундуу иштелип чыгып, талаптарга толук жооп берет

3. «Муниципалдык башкаруу» дисциплинасы да жалпысынан алганда сапаттуу иштелип чыгып, талаптарга жооп берет.

Берилген документтерди, өзүн-өзү баалоо отчетун жана маектешүүлөрдүн жыйынтыктарын эске алуу менен эксперттик комиссия төмөнкү жыйынтыкка келди:

Билим берүү программасында окуу процесси магистрантка багытталган окутуунун негизги принциптерине жооп берет, практикалык компонент жана санариптик колдоо жакшы деңгээлде камсыздалган. Ошол эле учурда, окутуу методологиясын системалаштыруу, академиялык мобилдүүлүктү кеңейтүү жана практиканын сапатын баалоо механизмин өркүндөтүү талап кылынат. Окуу процесси жалпысынан камсыздалган, бирок окуу-методикалык документтерди унификациялоо, мазмунду актуалдаштыруу жана дисциплиналар аралык шайкештикти күчөтүү зарыл.

***Артыкчылыктары:***

1. Магистрантка багытталган окутуунун элементтери ишке ашырылган. Программада магистранттарга илимий жетекчилер бекитилип, алар изилдөө темаларын тандоого катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Тандоо компоненттеринин болушу магистранттарга жеке билим берүү траекториясын түзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бул магистранттын окуу процессинде активдүү катышуу ролун камсыз кылууга көмөктөшөт.

2. Практикалык багыттуулук жогорку деңгээлде камсыздалган. Окуу планында практиканын көлөмү 36 кредитти (30%) түзөт жана ал мамлекеттик жана муниципалдык органдарда өтөт. Магистранттар реалдуу башкаруу процесстерине катышып, аналитикалык документтерди даярдоого, ар кандай жыйындардын өтүшүнө жана башка практикалык иштерге катышышат. Силлабустардын анализи да муну тастыктайт, көпчүлүк дисциплиналарда кейстер, практикалык тапшырмалар бар.
3. Санариптик окутуу чөйрөсү түзүлгөн. MYEDU системасы аркылуу окуу материалдарына жеткиликтүүлүк бар, тапшырмаларды жүктөө жана баалоо жүргүзүлөт. Бул окутуунун ачык-айкындуулугун жана жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат.
4. Баалоо системасы жалпысынан иштейт. Магистранттардын жетишкендиктери тесттер, практикалык тапшырмалар жана долбоорлор аркылуу бааланат. Баалоо жыйынтыктары санарип системада катталат.
6. Сапаттуу иштелип чыккан дисциплиналардын болушу. Силлабустарды талдоо көрсөткөндөй: - «Модернизацияланган стратегиялык башкаруу», «Коррупцияга каршы саясат», «Муниципалдык башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу» - дисциплиналары жогорку методикалык деңгээлде иштелип чыккан. Бул программанын ичинде сапаттуу окутуунун үлгүлөрү бар экенин көрсөтөт.

***Сунушталган чаралар:***

1. Окуу-методикалык камсыздоодо бирдиктүү стандарттын жоктугу. Айрым дисциплиналар силлабус, айрымдары УМК форматында берилген. Ошондуктан окуу-методикалык документтерди толук унификациялоо менен бардык дисциплиналарды бирдиктүү силлабус форматына өткөрүү.
2. Дисциплиналардын мазмунунун сапаты бирдей эмес. Силлабустардын анализи көрсөткөндөй, айрымдарында эскирген нормативдик актылар колдонулат, адабияттардын тизмеси жетишсиз. Ошондуктан дисциплиналардын мазмунун системалуу актуалдаштыруу. Айрыкча: нормативдик-укуктук базаны жаңылоо, заманбап илимий жана практикалык материалдарды киргизүү сунушталат.
3. Окуу натыйжалары менен окутуу элементтеринин байланышы толук эмес. Айрым дисциплиналарда (мисалы, «Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин кесиптик этикасы») СРС темалары окуу натыйжаларына толук шайкеш келбейт жана улуттук контекст жетишсиз чагылдырылган. Ошондуктан окуу натыйжалары менен тапшырмалардын шайкештигин камсыз кылуу. СРС, практикалык иштер жана баалоо формаларын окуу натыйжаларына түз байланыштыруу.

***Аткарууга милдеттүү сунуштар:***

1. Кээ бир жогоруда көрсөтүлгөн силлабустардын окуу мазмунуна сапаттуу көңүл бөлүп, актуалдаштыруу жана эскирген булактарды толук алмаштыруу (1. «Публичное управление» 2. «Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин кесиптик этикасы» 3. «Кадр саясаты жана кадрдык иш»)

2. Практиканын сапатын баалоонун расмий механизмин киргизүү. Иш берүүчүлөрдүн баалоосу жана документтештирилген жыйынтыктар болушу зарыл.
3. Магистранттардын feedback механизмин күчөтүү. Магистранттардын сунуштарынын негизинде кабыл алынган чечимдерди документтештирүү жана кайра байланыш берүү.
4. Окуу адабияттары жана электрондук адабияттар менен камсыздоо жалпысынан бар, бирок анын сапатын, актуалдуулугун жана жеткиликтүүлүгүн системалуу түрдө жакшыртуу керек.

***4-Стандарт боюнча комиссиянын чечими – ББПнын ишмердүүлүгү – Агенттиктин бул стандартына көпчүлүк деңгээлде шайкеш келет.***

## *5-СТАНДАРТ. ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛАР КУРАМЫ.*

| ***Стандарттын аныктамасы*** |
|---|
| ***Бул стандартка ылайык, Билим берүү программасынын алкагында окутуучуларынын компетенттүүлүгүнө ишеним болушу керек. Билим берүү программасы кызматкерлерин жумушка алуу жана алардын кесиптик өсүшүн өнүктүрүүдө адилеттүү жана ачык-айкын процесстерди колдонушу зарыл.*** <br> ***Профессордук-окутуучулук курамы (ПОК) билим берүү программасы камтыган бардык билим тармактары боюнча адистер менен камсыздалууга тийиш.*** <br> ***ПОК тиешелүү негизги билимге ээ болуп, квалификациясын системалуу түрдө жогорулатууга, кошумча билим алууга, стажировкалардан өтүүгө жана башка ушул сыяктуу иш-чараларга катышууга тийиш.*** <br> ***Маанилүү факторлордун бири – ПОКтун тиешелүү тармакта иш тажрыйбасынын болушу жана илимий-изилдөө долбоорлорун ишке ашыруу.*** <br> ***ПОК билим берүү программасын жалпы жакшыртууга жана анын айрым дисциплиналарын өркүндөтүүгө жигердүү катышууга тийиш.*** <br> ***Маанилүү факторлордун бири – окутуучулардын кесиптик коомдорго мүчө болуусу, стипендиялар жана гранттарды алуусу.*** <br> ***Окутуучулар илимий-изилдөө, долбоордук жана илимий-методикалык иштерди активдүү аткарышы керек, бул илимий-изилдөө жана илимий-методикалык иштер боюнча отчеттор, илимий конференцияларга катышуу жана илимий басылмалардын болушу менен тастыкталышы зарыл.*** <br> ***Ар бир окутуучу өзүнүн дисциплинасынын окуу планындагы ордун, анын мурунку жана кийинки дисциплиналар менен болгон байланышын билүүгө жана түшүндүрүүгө жөндөмдүү болушу керек. Ошондой эле, ал дисциплинанын адисти калыптандыруудагы окуу натыйжаларын камсыздоодогу ролун так түшүнүшү зарыл.*** <br> ***Билим берүү программасынын алкагында ПОК үчүн чыгармачылык, инсандык жана кесиптик өнүгүү үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.*** |

| ***Стандартка Колдонмо*** |
| --- |
| *Окутуучунун ролу жогорку сапаттагы билим берүүнүн жана Магистранттардын билимдерди, компетенцияларды жана көндүмдөрдү өздөштүрүүсүнүн негизги фактору болуп саналат. Магистранттардын ар түрдүүлүгү жана окуу натыйжаларына болгон жогорулатылган көңүл магистрке багытталган окутууну жана окутуунун жаңы ыкмаларын талап кылат, мында окутуучунун ролу да өзгөрөт.*<br>*Жогорку окуу жайлары өз кызматкерлеринин кесипкөйлүгү жана алардын натыйжалуу иштеши үчүн жагымдуу шарттарды түзүү боюнча негизги жоопкерчиликти өзүнө алышы керек. Мындай чөйрө:*<br>● *кызматкерлерди жумушка алуунун түшүнүктүү, ачык жана адилеттүү процессин белгилейт жана окутуучулук ишмердүүлүктүн маанилүүлүгүн тааныган иш шарттарын камсыз кылат;*<br>● *профессордук-окутуучулук курамдын кесиптик өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүктөр түзүп, аны колдойт;*<br>● *билим берүү менен илимий-изилдөө иштеринин байланышын чыңдоо үчүн илимий ишмердүүлүктү колдойт;*<br>● *окутуу ыкмаларына инновацияларды киргизүүгө жана жаңы технологияларды колдонууга көмөктөшөт.* |

***Жалпы баалоо:***

Стандарттын мазмунун талдоо көрсөткөндөй, 580900 «Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу» билим берүү программасында профессордук-окутуучулук курамды (ПОК) калыптандыруу, жумушка алуу жана алардын кесиптик өнүгүүсүн камсыз кылуу процесстери жалпысынан жөнгө салынган жана белгиленген талаптарга ылайык ишке ашырылат. Жумушка кабыл алуу жана кадрларды тандоо процесстеринде ачыктык жана адилеттүүлүк принциптери сакталат, бул өз кезегинде окутуучулардын кесиптик компетенттүүлүгүнө ишенимди камсыз кылат. Бул маалыматтарды өз кезегинде административдик-башкаруу курамы (АБК)  менен жолугушуу убагында да тастыктап айтып кетишти.

Эксперттик комиссия эсептейт, профессордук-окутуучулук курам  тиешелүү базалык билимге жана кесиптик квалификацияга ээ, ошондой эле өз квалификациясын системалуу түрдө жогорулатууга аракет кылат. Бул квалификацияны жогорулатуу курстарына катышуу, тренингдер, семинарлар жана өз алдынча билим алуу аркылуу жүзөгө ашырылат. Бул маалыматтар өзүн-өзү баалоо отчетунда сертификаттар менен тастыкталган жана профессордук-окутуучулук курам менен маектешүү убагында да белгиленди.

Профессордук-окутуучулук курам, административдик-башкаруу курамы (АБК) жана магистранттар менен жүргүзүлгөн маектешүүлөрдүн жүрүшүндө комиссия төмөнкү жыйынтыкка келди:

- мугалимдер өз дисциплиналарынын мазмунун жетиштүү деңгээлде билишет;
- окуу процессинде практикалык мисалдарды, кейстерди, санариптик-интеллектуалдык оюндарды жана башка интерактивдүү методдорду колдонушат;
- магистранттар мугалимдердин жеткиликтүүлүгүн жана колдоосун оң баалашат.

Эксперттик комиссия тастыктайт, профессордук-окутуучулук курам билим берүү программасын ишке ашырууга активдүү катышат жана окуу процессин камсыз кылууда негизги ролду ойнойт.

Ошол эле учурда, маектешүүлөрдүн жана силлабустарды талдоонун жүрүшүндө төмөнкү маселелер аныкталды:

- айрым дисциплиналарда максаттарды жана мазмунду түзүүдө методикалык талаптарды жакшыртуу зарыл
- айрым дисциплиналарда заманбап адабияттарды, эл аралык булактарды, электрондук ссылкаларды колдонуу жетишсиз учурлар бар

Тышкы эксперттик комиссиянын сапары учурунда мугалимдердин окуу процессине катышуусу жана магистранттар менен иштөөсү тастыкталды. Берилген документтер жана маектешүүлөрдүн негизинде комиссия төмөнкү жыйынтыкка келди:

Профессордук-окутуучулук курам билим берүү программасын жана анын дисциплиналарын өркүндөтүүгө тартылган, бул иш системалуу жана бирдиктүү стандарттардын негизинде жүргүзүлөт. Билим берүү программасындагы окутуучулар курамы жетиштүү жана квалификациясы жалпы талаптарга жооп берет, анын ичинде окутуучулардын дээрлик баардыгы илимий даражасы бар экендиги (так сандык көрсөткүчтөр отчетто көрсөтүлгөн) программаны ийгиликтүү ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет. Алар окуу жана илимий иштерге активдүү катышышат. Ошону менен бирге, бул багытта эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү жана илимий активдүүлүктү жогорулатуу керек экендиги байкалат.

Профессордук-окутуучулук курамдын потенциалы жетиштүү, бирок аны натыйжалуу пайдалануу жана өнүктүрүү үчүн методикалык даярдыкты, илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн жана сапатты камсыз кылуу механизмдерин системалуу түрдө күчөтүү зарыл.

Стейкхолдерлер менен маектешүү учурунда аныкталган маселелер:

Магистратура деңгээлинде «Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу» билим берүү программасын учурда институттун курамында ишке ашыруунун ордуна, аны өз алдынча түзүмдүк бирдик **“кафедра”** катары уюштуруу максатка ылайык. Бул сунуш мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу боюнча мамлекеттик заказды сапаттуу жана натыйжалуу аткаруу зарылдыгы менен шартталат. Бул маселе стейкхолдерлер (иш берүүчүлөр, мамлекеттик жана муниципалдык органдардын өкүлдөрү) менен жүргүзүлгөн маектешүүлөрдүн жүрүшүндө көтөрүлүп, алар тарабынан сунуш катары берилди. Ошондой эле кафедралык деңгээлде башкаруу билим берүү программасынын стратегиялык өнүгүүсүн камсыз кылууга, иш берүүчүлөр менен туруктуу жана институционалдык кызматташтыкты жолго коюуга, мамлекеттик башкаруу системасынын актуалдуу муктаждыктарына ыкчам жооп берүүгө шарт түзөт деп белгилешти.

Программада профессордук-окутуучулук курамдын (ПОК) кесиптик компетенттүүлүгүн камсыз кылууга, алардын квалификациясын жогорулатууга жана окуу процессинде заманбап окутуу методдорун колдонууга өзгөчө көңүл бурулат. Айрыкча, окутуучулардын практикалык сабактарды өткөрүүсүндө кейстерди, интерактивдүү жана санариптик методдорду колдонуусу магистранттардын кесиптик көндүмдөрүн өнүктүрүүгө басым жасалганын тастыктайт.

Ошондой эле программада профессордук-окутуучулук курамдын илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнө тартылышы (ар кандай илимий конференция, семинар, тегерек стол, ж.б.

илимий иш-чараларга катышуусу) магистранттар менен илимий жетекчилик аркылуу иш алып баруусу жана билим берүү процессине практикалык тажрыйбаны интеграциялоосу маанилүү багыт катары каралат.

Мындан тышкары, окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу, тренингдерге, семинарларга катышуусу жана өз алдынча билим алуусу аркылуу алардын үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүсүнө шарт түзүүгө көңүл бурулат.

Өзүн-өзү баалоо отчетунун, SWOT анализинин, берилген далилдик базанын жана өткөрүлгөн маектешүүлөрдүн жыйынтыктарынын негизинде алынган маалыматтарды эске алуу менен, эксперттик комиссия төмөнкү жыйынтыктарга келди:

Профессордук-окутуучулук курам билим берүү программасын ишке ашырууга жетиштүү деңгээлде тартылган, алардын квалификациясы жалпы талаптарга жооп берет жана окуу процессинде активдүү ролду ойнойт. Квалификацияны жогорулатуу жана окутуунун практикалык багыттуулугун камсыз кылуу боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

Ошол эле учурда, окутуучулардын методикалык даярдыгын системалуу түрдө өнүктүрүү, илимий-изилдөө активдүүлүгүн жогорулатуу жана заманбап илимий ресурстарды колдонуу деңгээлин күчөтүү зарылдыгы белгиленет. Натыйжада, эксперттик комиссия 5-стандарт боюнча билим берүү программасы жалпысынан талаптарга жооп берет, бирок кадрдык потенциалды өнүктүрүү жана сапатты камсыз кылуу механизмдерин күчөтүү багытында мындан аркы иштерди талап кылат.

***Артыкчылыктары:***

1. Профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясы жана базалык даярдыгы талаптарга жооп берет
2. Профессордук-окутуучулук курам мамлекеттик тарабынан мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу боюнча уюштурулган мамлекеттик заказды аткарууга тартылат
3. Мугалимдер окуу процессине активдүү катышып, магистранттар менен туруктуу иштешет
4. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча иштер (курстар, тренингдер) жүргүзүлөт
5. Өзүн-өзү баалоо отчетунда берилген көпчүлүк дисциплиналардын мазмуну жогорку методикалык деңгээлде иштелип чыккан
6. Окутууда практикалык жана интерактивдүү методдор колдонулат
7. Мугалимдер окуу методикасы боюнча бири-биринин сабактарына кирип, тажрыйба алмашат
8. Илимий-изилдөө ишмердүүлүгү, публикациялык активдүүлүк боюнча иштер жүрөт
9. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин резервге тапшыруу учун окуу борбору ачылган. Бул өз кезегинде ал кызматкерлерге резервге тапшыруу сынагын өтүү боюнча абдан жакшы жардам берет ип келет

***Сунушталган чаралар:***

1. Мугалимдер методикалык даярдыгын, квалификациясын жогорулатууну системалуу түрдө мындан да жакшыртуу

2. Бардык дисциплиналар боюнча окуу-методикалык талаптарды бирдей деңгээлде камсыз кылуу
3. Заманбап, эл аралык жана электрондук илимий ресурстарды колдонуу деңгээлин жогорулатуу
4. Билим берүү программасын институционалдык деңгээлде өз алдынча кафедра катары уюштуруу сунушталат, анткени бул мамлекеттик заказды натыйжалуу аткарууга, кадрдык потенциалды максаттуу өнүктүрүүгө жана программаны башкарууну жакшыртууга мүмкүндүк берет. Бул сунуш стейкхолдерлер тарабынан сунушталды.

***Аткарууга милдеттүү сунуштар:***

1. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча системалуу механизмди киргизүү
2. Илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн активдештирүү жана анын натыйжаларын мониторинг кылуу
3. Жогоруда белгиленген (4 стандарт боюнча отчетто) кээ бир дисциплиналардын мазмунун актуалдаштыруу, сапатын жакшыртуу
4. Профессордук-окутуучулук курамдын ишмердүүлүгүн баалоо жана сапатты камсыз кылуу системасын өркүндөтүү

***5-Стандарт боюнча комиссиянын чечими – ББПнын ишмердүүлүгү – Агенттиктин бул стандартына көпчүлүк деңгээлде шайкеш келет.***

## *6-СТАНДАРТ. ИНФРСТРУКТУРА, РЕСУРСТАР ЖАНА МАГИСТРАНТТАРДЫ КОЛДОО*

| ***Стандарттын аныктамасы*** |
| --- |
| *Бул стандартка ылайык, Билим берүү уюму/Билим берүү программасы окутуу жана окутуучулук ишмердүүлүгү үчүн жетиштүү ресурстарга жана каржылоого ээ болушу керек, Магистранттар үчүн жеткиликтүү жана ылайыктуу окуу материалдарын жана колдоо механизмдерин, анын ичинде ден соолук жана коопсуздук маселелерин камсыз кылууга тийиш.*<br>*Билим берүү программасында материалдык-техникалык жабдуулар туруктуу түрдө жаңыланып, өркүндөтүлүп жана кеңейтилип турушу зарыл.*<br>*Окуу аудиториялары, лабораториялар жана алардын жабдуулары заманбап болуп, билим берүү программасынын максаттарына жана күтүлгөн жыйынтыктарына шайкеш келиши керек. Инфраструктура, кызмат көрсөтүүлөр жана окуу ресурстары стейкхолдерлердин талаптары менен муктаждыктарын канааттандырууга тийиш. Магистранттар өз алдынча окуу жана изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн жетиштүү мүмкүнчүлүктөргө ээ болушу керек.*<br>*Билим берүү программасы (Билим берүү уюму/бөлүмү) окуу үчүн зарыл болгон материалдарды камтыган китепканага ээ болушу керек: окуу, техникалык жана маалыматтык адабияттар, ар кандай мезгилдүү басылмалар ж.б.*<br>*Магистранттар менен окутуучулар үчүн маалыматтык ресурстарга (локалдык тармак, интернет) кирүүгө мүмкүнчүлүк берген компьютердик класстар жана терминалдар жеткиликтүү болушу зарыл.*<br>*Магистранттардын өз алдынча билим алуусу жана кесиптик, жеке өнүгүүсү үчүн ыңгайлуу билим берүү чөйрөсү түзүлүшү керек.* |

| |
|---|
| *Инфраструктураны жакшыртуу боюнча пландаштырууда Магистранттар менен профессордук-окутуучулук курамдын күтүүлөрүн эске алуу механизми иштелип чыгып, колдонууга киргизилиши керек.* <br> *Билим берүү уюмунун жана Билим берүү программасынын жетекчилиги инфраструктураны өнүктүрүү жана академиялык, башка колдоо кызматтарын көрсөтүү аркылуу Магистранттар менен профессордук-окутуучулук курамдын муктаждыктарына өз убагында жооп кайтарышы зарыл. Билим берүү уюму бул ресурстардын жеткиликтүүлүгүн жана колдонулушун көзөмөлдөөгө тийиш.* <br> *Билим берүү программасынын деңгээлинде Магистранттар жана профессордук-окутуучулук курам үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты бааланып турушу керек.* |
| ***Стандартка Колдонмо*** <br> *Натыйжалуу окутууну камсыз кылуу максатында, Билим берүү уюму/Билим берүү программасы Магистранттарды окуу процессинде колдоо жана жардам көрсөтүү үчүн керектүү окуу ресурстары менен камсыздоого тийиш. Мындай ресурстар материалдык (мисалы, китепканалар, окуу жабдуулары, маалыматтык-технологиялык инфраструктура) жана адамдык (мисалы, насаатчылар, кураторлор жана башка консультанттар) болушу мүмкүн.* <br> *Окуу ресурстарын бөлүштүрүү, пландаштыруу, Магистранттарды колдоо, ошондой эле студентке багытталган билим берүү жана ийкемдүү окутуу моделдерине өтүү учурунда ар түрдүү Магистранттардын (мисалы, иштегендер, бойго жеткендер, жарым-жартылай окугандар, чет өлкөлүк Магистранттар жана мүмкүнчүлүгү чектелгендер) муктаждыктары эске алынууга тийиш. Ошондой эле Билим берүү уюму/Билим берүү программасы тарабынан Магистранттардын сапаттуу билим алуусун камсыздоо үчүн зарыл болгон ресурстар, анын ичинде алардын ден соолугу жана коопсуздугуна байланышкан маселелер боюнча колдоо көрсөтүлүшү керек.* <br> *Магистранттарды колдоо чаралары жана шарттары ар кандай институционалдык контекстке жараша ар түрдүү форматта уюштурулушу мүмкүн. Ошого карабастан, ички сапатты камсыздоо системасы бардык ресурстардын белгиленген максаттарга шайкеш келишин, жеткиликтүүлүгүн жана Магистранттардын алар тууралуу маалымдуулугун кепилдейт.* <br> *Магистранттарды колдоо кызматтарын көрсөтүүдө техникалык жана административдик кызматкерлердин ролу маанилүү болуп саналат. Ошондуктан, алар тийиштүү квалификацияга ээ болуп, өз компетенцияларын жогорулатууга мүмкүнчүлүк алышы керек.* |

***Жалпы баалоо:***

Эксперттик комиссия “Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу” билим берүү программасынын Стандарт 6нын талаптарына шайкештигин баалоо максатында өзүн-өзү баалоо отчетун, тиркелген документтерди, магистранттар менен профессордук-окутуучулук курамдын сурамжылоолорунун жыйынтыктарын, сабактарга катышуунун жана инфраструктураны көрүүнүн материалдарын комплекстүү талдоого алды.

Талдоонун жыйынтыгында төмөнкүлөр аныкталды:

*Материалдык-техникалык база.* Билим берүү программасы жетиштүү материалдык-техникалык базага ээ. Анын ичинде өнүккөн инфраструктура, окуу аудиториялары, лабораториялар, компьютердик класстар жана китепкана ресурстары бар. Адистештирилген борборлордун, электрондук китепканалардын, автоматташтырылган тейлөө системаларынын жана санариптик ресурстардын болушу билим берүү процессин базалык деңгээлде ишке ашырууга шарт түзөт. Материалдык-техникалык базанын үзгүлтүксүз жаңыртылып турушу жана заманбап технологиялардын киргизилиши оң бааланат.

Бирок өзүн-өзү баалоо отчетунда инфраструктуранын сүрөттөлүшү негизинен сүрөттөмө мүнөзгө ээ. Жетиштүү деңгээлде аналитикалык маалыматтар камтылган эмес. Бир магистрантка карата камсыздалуу боюнча сандык көрсөткүчтөр, ресурстарды пайдалануунун интенсивдүүлүгү жана алардын окуу натыйжаларына тийгизген таасири жөнүндө маалыматтар жок. Инфраструктура менен кесиптик компетенцияларды калыптандыруунун ортосунда түз байланыш байкалбайт. Лабораториялык жана китепкана базаларын пайдалануунун эффективдүүлүгүн тастыктаган далилдер келтирилген эмес.

*Инклюзивдүү билим берүү.* Бөлүмдө коопсуз жана колдоочу билим берүү чөйрөсүн камсыз кылуу шарттары (медициналык тейлөө, спорттук инфраструктура, видеокөзөмөл, ийкемдүү окутуу формалары) көрсөтүлгөн. Магистранттардын ар кандай категорияларынын, анын ичинде иштеп окугандардын муктаждыктарын эске алуу оң аспект болуп саналат. Бирок инклюзивдүү билим берүү принциптери негизинен декларативдик деңгээлде берилген. Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн адаптацияланган инфраструктуранын болушу тууралуу маалыматтар жок. Инклюзивдүү ыкмаларды ишке ашыруунун конкреттүү механизмдери көрсөтүлгөн эмес. Дистанциялык жана аралаш окутуу формаларынын эффективдүүлүгү, ошондой эле магистранттардын канааттануу деңгээли боюнча маалыматтар келтирилген эмес.

*Кызыкдар тараптардын пикирлерин эске алуу механизми.* Бөлүмдө сурамжылоолорду өткөрүү жана инфраструктураны жарым-жартылай жаңыртуу аркылуу кызыкдар тараптардын пикирлерин эске алуу механизминин бар экендиги көрсөтүлгөн. Бул магистранттардын, окутуучулардын жана жумуш берүүчүлөрдүн муктаждыктарын эске алууга умтулууну тастыктайт. Бирок бул механизм системалуу башкаруу инструменти катары көрсөтүлгөн эмес. Сурамжылоолордун жыйынтыктары, алардын анализи жана алардын негизинде кабыл алынган конкреттүү башкаруучулук чечимдер көрсөтүлбөгөн. Инфраструктураны жаңыртуу эпизоддук мүнөзгө ээ жана стратегиялык пландаштыруу менен бекемделген эмес.

*Академиялык кеңеш берүү системасы.* Академиялык кеңеш берүү системасы нормативдик негизде иштейт. Ал магистранттарды колдоонун негизги багыттарын, анын ичинде илимий ишмердүүлүктү, академиялык мобилдүүлүктү жана жумушка орношууну камтыйт. Санариптик инструменттердин жана консультациялык колдоонун болушу программанын күчтүү жактарынын бири болуп саналат. Бирок системанын сүрөттөлүшү нормативдик база менен гана чектелип, анын эффективдүүлүгүнө баа берилген эмес. Магистранттарды камтуу, консультациялардын жыштыгы, канааттануу деңгээли жана алардын академиялык натыйжаларга тийгизген таасири боюнча көрсөткүчтөр жок. Практикалык жыйынтыктар (ийгиликтүү кейстер, публикациялар, карьералык жетишкендиктер) көрсөтүлгөн эмес.

*Магистранттарды колдоо системасы.* Бул бөлүмдө китепкана ресурстары, санариптик инфраструктура, медициналык, социалдык жана карьералык кызматтар сыяктуу колдоо системасынын өнүккөндүгү көрсөтүлгөн. Бул билим берүү чөйрөсүн ыңгайлуу кылып, студенттердин комплекстүү өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. Бирок бөлүм көбүнчө университеттин жалпы инфраструктурасын чагылдырып, магистратуранын өзгөчөлүгү жетиштүү деңгээлде ачылган эмес. Магистранттардын илимий активдүүлүгү (конференциялар, публикациялар, долбоорлор) боюнча көрсөткүчтөр жок. Ресурстарды пайдалануу жана канааттануу деңгээли боюнча маалыматтар берилген эмес.

*Сервис кызматтарын баалоо.* Бөлүмдө магистранттарды сурамжылоо аркылуу сервис кызматтарын баалоо практикасы көрсөтүлгөн. Кызматтарга канааттануу боюнча айрым аспектилер келтирилген. Кайтарым байланыштын болушу оң фактор болуп саналат. Бирок баалоо системасы комплекстүү эмес: так критерийлер, туруктуу мониторинг жана динамика анализи жок. Маалыматтар үзүндү мүнөзгө ээ жана башкаруучулук чечимдер менен коштолгон эмес.

Берилген SWOT-анализ билим берүү программасынын инфраструктурасы жана ресурстары боюнча негизги мүнөздөмөлөрдү чагылдырат. Күчтүү жактар материалдык-техникалык база жана санариптик инфраструктура менен байланышкан, мүмкүнчүлүктөр технологиялардын өнүгүшү жана инфраструктураны жакшыртуу менен байланыштуу. Бирок SWOT-анализ сүрөттөмө мүнөзгө ээ болуп, стратегиялык функцияны аткарбайт. Күчтүү жактар атаандаштык артыкчылыктар катары көрсөтүлгөн эмес. Мүмкүнчүлүктөр ишке ашыруу механизмдери менен бекемделген эмес. Алсыз жактар жана тобокелдиктер аларды азайтуу чаралары менен коштолгон эмес.

*Жыйынтыктап айтканда,* “Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу” билим берүү программасы 6-Стандарттын талаптарына **көпчүлүк деңгээлде жооп берет**. Бирок программанын далилдүүлүгүн, аналитикалык бөлүгүн жана башкаруу процесстеринин ачыктыгын күчөтүү зарыл.

***Артыкчылыктары:***

1. Жетиштүү материалдык-техникалык базанын болушу. Өнүккөн инфраструктура, окуу аудиториялары, лабораториялар, компьютердик класстар жана китепкана ресурстары окуу процессин сапаттуу уюштурууга мүмкүндүк берет.
2. Адистештирилген борборлордун, электрондук китепканалардын, автоматташтырылган тейлөө системаларынын жана санариптик ресурстардын болушу. Бул билим берүү процессин заманбап деңгээлде ишке ашырууга шарт түзөт.
3. Материалдык-техникалык базанын үзгүлтүксүз жаңыртылып турушу жана заманбап технологиялардын киргизилиши.
4. Колдоочу билим берүү чөйрөсүнүн элементтери. Медициналык тейлөө, спорттук инфраструктура, видеокөзөмөл жана окутуунун ийкемдүү формалары уюштурулган.
5. Ар кандай категориядагы магистранттардын (анын ичинде иштеп окугандардын) муктаждыктарын эске алууга умтулуу.
6. Академиялык кеңеш берүү системасынын нормативдик негизде иштеши жана анын илимий ишмердүүлүккө, академиялык мобилдүүлүккө, жумушка орношууга багытталышы. Санариптик инструменттердин жана консультациялык колдоонун болушу.
7. Кайтарым байланыштын болушу (сурамжылоолор, инфраструктураны жаңыртуунун айрым мисалдары). Бул кызыкдар тараптардын муктаждыктарын эске алууга умтулууну көрсөтөт.

***Сунушталган чаралар:***

1. Инклюзивдүү билим берүүнү өнүктүрүү максатында билим берүү чөйрөсүнүн жеткиликтүүлүгүнө аудит жүргүзүү жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн адаптацияланган инфраструктураны (пандустар, тактилдик плиткалар, сурдо-аудиториялар) этап-этабы менен кеңейтүү мүмкүнчүлүгүн кароо.
2. Ийкемдүү окутуу формаларынын эффективдүүлүгүн талдоону күчөтүү максатында дистанциялык жана аралаш окутуунун магистранттардын академиялык натыйжаларына тийгизген таасирин изилдөө.

3. Сервис кызматтарын баалоонун комплекстүү системасын иштеп чыгууда так критерийлерди, үзгүлтүксүз мониторингди жана көрсөткүчтөрдүн динамикасын талдоону караштыруу.
4. Окутуу шарттарын системдик негизде мониторинг кылуу максатында магистранттардын канааттануу деңгээлин үзгүлтүксүз изилдөөнү караштыруу.

***Аткарууга милдеттүү сунуштар:***

1. Ресурстардын камсыздалуусун жана пайдаланылышын чагылдырган сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдүн (KPI) системаны өркүндөтүү зарыл.
2. Инклюзивдүү билим берүү принциптерин ишке ашыруунун конкреттүү механизмдерин иштеп чыгуу жана документтештирүү.
3. Академиялык кеңеш берүүнүн эффективдүүлүгүн баалоо системасын активдештирүү керек.
4. Каржылоонун динамикасын жана программанын муктаждыктарын эске алуу менен материалдык-техникалык базаны модернизациялоонун орто мөөнөттүү планын иштеп чыгуу жанга бекитүү.
5. Инфраструктураны өнүктүрүү боюнча туруктуу отчеттуулук жана пландаштыруу системасын киргизүү.

***6-Стандарт боюнча комиссиянын чечими – ББПнын ишмердүүлүгү – Агенттиктин бул стандартына көпчүлүк деңгээлде шайкеш келет.***

## *7-СТАНДАРТ: ОТЧЕТТУУЛУК, АЙКЫНДУУЛУК, МААЛЫМАТТЫ БАШКАРУУ ЖАНА АНЫН ИШЕНИМДҮҮЛҮГҮ. КООМЧУЛУКТУ МААЛЫМДОО.*

| ***Стандарттын аныктамасы*** |
|---|
| *Билим берүү уюму/Билим берүү программасы өзүнүн билим берүү программаларын жана башка ишмердүүлүгүн натыйжалуу башкаруу үчүн тиешелүү маалыматтарды чогултуп, талдап жана колдонууга кепилдик бериши керек.*<br>*Бул стандартка ылайык, программаны ишке ашырууда башкаруунун ачык-айкын системасы иштеп, бардык стейкхолдерлер үчүн керектүү документтерге жана маалыматтарга жеткиликтүүлүк камсыздалышы керек.*<br>*Билим берүү программасын ишке ашырууда отчеттуулук принциптери сакталышы керек: коомчулукка жана бардык стейкхолдерлерге толук, системалуу жана ишенимдүү маалымат берүү.*<br>*Билим берүү программасынын жетекчилиги Магистранттар үчүн, ПОК жана башка стейкхолдерлер үчүн ачык жана жеткиликтүү экенин тастыктаган далилдерди камсыз кылат жана көрсөтөт.*<br>*Билим берүү программасында чечим кабыл алуунун ачык-айкын саясаты жана коомчулукту жана кызыкдар тараптарды объективдүү жана өз убагында маалымдоо механизмдери иштейт. Билим берүү уюму/Билим берүү программасы өз ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтарды жарыялап турууга тийиш, бул маалымат так, объективдүү, актуалдуу жана оңой жеткиликтүү болушу керек.* |
| ***Стандартка Колдонмо*** |
| *Ишенимдүү маалымат – бул чечим кабыл алуу үчүн жана кайсы нерсе натыйжалуу иштеп жатканын, кайсынысы жакшыртууну талап кыларын билүү үчүн зарыл шарт болуп саналат.* |

*Билим берүү программалары жана башка ишмердүүлүктөр боюнча маалыматтарды үзгүлтүксүз жана системалуу түрдө чогултуу жана талдоо процессинин натыйжалуу болушу ички сапатты камсыздоо системасынын ишине чоң салым кошот.*

*Маалыматтын кандайча чогултулушу билим берүү уюмунун түрүнө жана миссиясына жараша бир аз айырмаланышы мүмкүн. Бирок, төмөнкү маалыматтар өзгөчө маанилүү болуп саналат: негизги көрсөткүчтөр; Магистранттардын контингенти тууралуу маалымат; жетишкендиктери, окуу жетишкендиктери жана окуу жайдан чыгарылышы; Магистранттардын тандалган программаларга болгон канааттануусу; билим берүү ресурстарынын жана Магистранттарды колдоо кызматтарынын жеткиликтүүлүгү; бүтүрүүчүлөрдүн карьералык өсүшү.*

*Маалыматтарды чогултуу үчүн ар кандай ыкмалар колдонулушу мүмкүн. Маанилүүсү – Магистранттар жана кызматкерлер маалыматтарды топтоо жана талдоо, ошондой эле кийинки аракеттерди пландаштыруу процесстерине активдүү катышуусу.*

*Билим берүү уюмдарынын ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтар потенциалдуу Магистранттар, учурда окуп жаткан Магистранттар, бүтүрүүчүлөр, башка кызыкдар тараптар жана жалпы коомчулук үчүн пайдалуу болуп эсептелет.*

*Ошондуктан, билим берүү уюмдары өз ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтарды сунуштап турушу керек. Бул маалыматтар төмөнкүлөрдү камтышы зарыл: сунушталган программалар жана кабыл алуу критерийлери, бул программалар боюнча күтүлгөн окуу натыйжалары, ыйгарылган квалификациялар, окутуу жана үйрөтүү ыкмалары, баалоо жол-жоболору жана өтүү баллдары, Магистранттар үчүн окуу мүмкүнчүлүктөрү, ошондой эле бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалымат.*

***Жалпы баалоо:***

Стандарттын мазмунун талдоо көрсөткөндөй, программада коомчулукту маалымдоо жана маалыматтарды жайылтуу үчүн негизги каналдар бар. Өзүн-өзү баалоодо университеттин расмий сайты, институттун сайты, ББП баракчасы, маалыматтык стенддер, буклеттер, университеттик басылмалар, социалдык тармактар жана силлабустук-методикалык булактар колдонулары көрсөтүлгөн. Ошондой эле сапатты камсыздоо бөлүгүндө расмий бюллетендер жана программалык беттер аркылуу окуу процессинин эрежелери менен критерийлери жеткирилери айтылган. Демек, маалыматты ачыктоо механизмдеринин өзөгү түзүлгөн. (Өзүн-өзү баалоо отчету, 4–5, 8–9, 15, 99–105-бб.).

Ошол эле учурда, бул стандарт боюнча эң маанилүү суроо — маалыматтын ишенимдүүлүгү жана бирдейлиги. Дал ушул жерде берилген пакетте ички карама-каршылыктар аныкталды. Өзүн-өзү баалоонун 5-бетинде программада 16 магистрант жана 11 ПОК бар деп белгиленген. Долбоордук эксперттик корутундунун программаны сүрөттөгөн бөлүгүндө болсо аккредитацияланып жаткан программа боюнча 10 магистрант бар деп, ошондой эле ушул программа боюнча 3 илимдин доктору жана 14 илимдин кандидаты иштейт деп көрсөтүлгөн. Мындан тышкары, ОшМУ боюнча жалпы ПОК саны өзүн-өзү баалоодо 1227, долбоордук корутундуда 1727 деп берилген. Бул маалыматтардын бири-бирине шайкеш келбеши стандарттын өзөгүн түзгөн «маалыматты башкаруу жана анын ишенимдүүлүгү» критерийи боюнча олуттуу эскертүү болуп саналат. (Өзүн-өзү баалоо отчету, 5-б.; эксперттик корутундунун долбоору, 3–4-бб.).

Эксперттик комиссия тастыктайт, программа айкындуулукка карата аракеттерди жүргүзүп жатат жана айрым сандык, практикалык жана инновациялык көрсөткүчтөрдү көрсөтө алат. Маселен, программа 120 кредиттик магистратура болуп саналат; 2024–2029-жылдарга стратегияда илимий даражалуулукту жогорулатуу, диссертациялардын тематикасын практикага жакындатуу, магистранттарды мамлекеттик кызматка актуалдуу

аналитикалык көндүмдөр боюнча тренингдерге тартуу сыяктуу милдеттер коюлган; 5 магистрант квалификацияны жогорулатуу курстарынан сертификат алган; 2025-жылы 3 000 000 сомдук жана 2026-жылы 2 700 000 сомдук келишимдер менен иштеген долбоор аркылуу 1500 мамлекеттик жана муниципалдык кызматкер камтылган. Бул көрсөткүчтөр программада инновациялык жана практикалык интеграция бар экенин айгинелейт. (Өзүн-өзү баалоо отчету, 5, 10–13-бб.).

Бирок сандык отчеттуулук жагынан ушул программа боюнча толук, текшерилген жана өз ара шайкеш массив жеткиликтүү эмес. Магистранттардын илимий-изилдөө иштерине тартылышынын так саны, жарыяланган макалалардын саны, академиялык мобилдүүлүк учурлары, бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуу пайызы жана ПОКтун штаттык/штаттык эмес курамы боюнча толук маалымат бул пакетте так жана бирдей форматта берилген эмес. Ошондуктан бул көрсөткүчтөрдүн бир бөлүгү «маалымат жок» же «так эмес» деп белгиленүүгө тийиш. Эл аралык агенттиктер талап кылган сандык ачыктык үчүн мындай боштуктар жоюлушу керек. Долбоордук эксперттик корутундуда жетинчи стандарт боюнча акыркы баа «жарым-жартылай шайкеш келет» деп көрсөтүлгөнү дал ушуга логикалык түрдө туура келет. (Өзүн-өзү баалоо отчету, 99–105-бб.; эксперттик корутундунун долбоору, 5–6, 22-бб.).

## Сандык аналитика блогу

| Көрсөткүч | Маани | Эсеп/статус | Булак |
|---|---|---|---|
| Магистранттардын контингенти | 16 | Ырасталган | Өзүн-өзү баалоо, 5-б. |
| Магистранттардын контингенти | 10 | Ички карама-каршылык; долбоордогу башка сан | Эксперттик корутундунун долбоору, 3–4-бб. |
| ББП боюнча ПОК саны | 11 | Ырасталган | Өзүн-өзү баалоо, 5-б. |
| ББП боюнча илимдин докторлору | 3 | Долбоордо берилген, бирок 11 ПОК менен шайкеш эмес | Эксперттик корутундунун долбоору, 3–4-бб. |
| ББП боюнча илимдин кандидаттары | 14 | Долбоордо берилген, бирок 11 ПОК менен шайкеш эмес | Эксперттик корутундунун долбоору, 3–4-бб. |
| Илимий даражалуулуктун пайызы | маалымат жок / так эсептелбейт | Себеби ПОК боюнча жалпы сан жана даражалуулардын саны документтер арасында шайкеш эмес; расмий кадрдык справка талап кылынат | Өзүн-өзү баалоо, 5-б.; долбоор, 3–4-бб. |
| Штаттык ПОКтун үлүшү | маалымат жок | Штаттык/айкалыштырып иштеген курам боюнча расмий бөлүнүш талап кылынат | Пакетте так сан берилген эмес |
| Илимий-изилдөө ишине тартылган магистранттар | маалымат жок | Жеткиликтүү пакетте так сан берилген эмес | Пакетте так сан жок |
| Магистранттардын жарыяланган макалалары | маалымат жок | Жеткиликтүү пакетте так сан берилген эмес | Пакетте так сан жок |
| Академиялык мобилдүүлүк учурлары | маалымат жок | Жеткиликтүү пакетте так сан берилген эмес | Пакетте так сан жок |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Сертификат алган магистранттар | 5 | Ырасталган | Өзүн-өзү баалоо, 12-б. |
| Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуу пайызы | маалымат жок | Бүтүрүүчүлөрдүн реестри жана карьера мониторингинин расмий маалымкаты талап кылынат | Пакетте так сан жок |

Бул таблицадагы бардык көрсөткүчтөр берилген документтердеги так санга же сандык маалыматтын жоктугуна негизделип түзүлдү. Маалымат жок болгон көрсөткүчтөр боюнча эсептөө жасалган жок. (Өзүн-өзү баалоо отчету, 5, 12, 99–105-бб.; эксперттик корутундунун долбоору, 3–4, 22-бб.).

***Артыкчылыктары:***

1. Коомчулукка маалымат жеткирүүнүн негизги каналдары түзүлгөн: расмий сайттар, программалык баракча, маалыматтык материалдар жана басылмалар.
2. Программа боюнча стратегиялык жана практикалык маалыматтардын бир бөлүгү сандык көрсөткүчтөр менен берилген.
3. 5 магистранттын сертификат алышы жана мамлекеттик кызматкерлерди камтыган ири долбоор программалык жетишкендиктерди коомчулукка чыгарууга негиз боло алат.
4. Программа мамлекеттик сектордун реалдуу муктаждыктары менен байланышкан инновациялык жана практикалык модулдарды киргизүүгө умтулат.
5. Айкындуулукка институционалдык негиз бар, анткени университет жана институт деңгээлинде маалыматтык инфраструктура түзүлгөн.

***Сунушталган чаралар:***

1. ББП боюнча ачык сандык дашборд түзүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу сунушталат.
2. Коомчулукка жарыялануучу маалыматтарды жыл сайын верификациялоо механизмин киргизүү.
3. Бүтүрүүчүлөрдүн карьералык мониторингин өзүнчө маалыматтык модуль катары түзүү каралышы сунушталат.
4. ПОК жана контингент боюнча маалыматтарды кадрлар бөлүмү жана окуу бөлүмү менен бирдикте синхрондоштуруу сунушталат.

***Аткарууга милдеттүү сунуштар:***

1. Магистранттардын жетишкендиктерин, илимий активдүүлүгүн жана мобилдүүлүгүн өзүнчө статистикалык блок менен чагылдыруу.
2. ББП боюнча бардык расмий документтердеги контингент, ПОК жана сандык көрсөткүчтөрдү бирдиктүү форматка келтирип, маалыматтарды системалаштыруу.
3. Программа тууралуу сайттагы, өзүн-өзү баалоодогу жана жылдык отчеттордогу сандык маалыматтардын шайкештигин камсыз кылуу.
4. ПОКтун курамы, илимий даражалуулугу, штаттык үлүшү жана жүктөмү боюнча верификацияланган расмий маалымкатты иштеп чыгуу.
5. Магистранттардын илимий иши, публикациясы, мобилдүүлүгү жана жетишкендиктери боюнча сандык отчеттуулукту күчөтүү.
6. Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу боюнча расмий мониторинг механизмин иштеп чыгуу жана маалыматты ачык жарыялоо процессин активдештирүү.
7. Жылдык отчеттуулукта фактылык сандык көрсөткүчтөрдүн булактарын жана даталарын милдеттүү түрдө көрсөтүүнү камсыз кылуу.

8. Коомчулукка маалымдоодо жана ички отчетто колдонулган маалыматтарды кайра карап чыгуу жана верификациялоо процедурасын киргизүү.

***7-Стандарт боюнча комиссиянын чечими – ББПнын ишмердүүлүгү – Агенттиктин бул стандартына жарым-жартылай шайкеш келет.***

## ББУ/ББП АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ

| *Стандарт* | *ББУ/ББП АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ* |
|---|---|
| ***Стандарт 1*** | **1.** Университеттин миссиясы расмий бекитилген жана көп канал аркылуу жеткиликтүү.<br>**2.** Программа миссияны үч багыттуу максат аркылуу түз ишке ашырат: билим берүү, инсандык-кесиптик өнүгүү, изилдөөчүлүк-инновациялык компонент.<br>**3.** 2024–2029-жылдарга карата программалык стратегияда конкреттүү аткаруу көрсөткүчтөрү берилген.<br>**4.** Программа мамлекеттик сектор менен интеграцияланган практикалык долбоорлорго жана квалификацияны жогорулатуу курстарына таянат.<br>**5.** Стратегиянын айрым көрсөткүчтөрү боюнча баштапкы аткаруу фактылары көрсөтүлгөн, анын ичинде 5 магистранттын сертификат алышы жана ири көлөмдөгү квалификациялык долбоордун иштеши. |
| ***Стандарт 2*** | **1.** Сапатты камсыздоо саясаты университеттик деңгээлде аныкталган жана программага колдонулат.<br>**2.** Силлабустар аркылуу баалоо критерийлерин ачык көрсөтүү практикасы бар.<br>**3.** Анонимдүү анкетирлөө механизми иштейт.<br>**4.** ПОК, магистранттар жана стейкхолдерлер катышкан сапатка байланыштуу иш-чаралар өткөрүлөт.<br>**5.** Сапатты камсыздоо процесси окуу, практика жана тышкы байланыштар менен байланыштырылган. |
| ***Стандарт 3*** | 1. Окуу натыйжалары конкреттүү практикалык ишмердүүлүктөр аркылуу ишке ашырылат. Айрыкча, магистранттардын практика учурунда аналитикалык документтерди, кызматтык каттарды жана долбоордук сунуштарды даярдоого катышуусу мамлекеттик жана муниципалдык башкаруудагы керектүү көндүмдөргө ээ болуусуна алып келет. Бул бүтүрүүчүлөрдүн эмгек рыногуна даярдыгын камсыз кылган маанилүү артыкчылык болуп саналат.<br>2. Окуу натыйжаларынын дисциплиналар менен логикалык байланышы бар. Окуу планында «Мамлекеттик саясатты талдоо», «Мамлекеттик жана муниципалдык башкарууну укуктук камсыздоо», «Муниципалдык башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу», «Коррупцияга каршы саясат», “Мамлекеттик жана муниципалдык башкарууда долбоорлорду жана өнүктүрүү программаларын башкаруу”, «Мамлекеттик сатып алуулар» ж.б. профильдик дисциплиналар камтылган. Бул окуу натыйжаларынын мазмуну мамлекеттик башкаруу системасында талап кылынган компетенциялар менен түздөн-түз байланышта экенин көрсөтөт. Окуу натыйжаларынын предметтердин мазмунунда, өз алдынча |

| | |
|---|---|
| | иштерди жазууда, тесттерди тапшырууда, кейстерди жана башка үй тапшырмаларын аткарууда чагылдырылат.<br>3. Магистранттар мамлекеттик жана аймактык көйгөйлөргө багытталган изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн, практикада материалдарды топтоп, магистрдик диссертация жазышууда. Магистранттарга илимий темасына ылайык макала даярдап, илимий кофенренция, семинарларда доклад жасоо талабы да коюлган. Учурда анын үстүнөн иштешүүдө.<br>4. Изилдөө компонентинин негизинде, магистрдик диссертация жазылышы үчүн шарттар түзүлгөн, усулдук колдонмо иштелип чыгып илимий жетекчилери бекитилген.<br>5. Магистердик диссертациялардын темалары программанын жыйынында каралып, талкууланган. Илимий жетекчилери магистранттар менен байланышып, иштөө процессинде.<br>6. Топтук долбоорлор, презентациялар жана кейстер аркылуу магистранттарда кесиптик коммуникация, аргументация жана лидерлик көндүмдөр калыптанат. Бул мамлекеттик кызматкерлер үчүн негизги компетенциялардын бири болуп саналат.<br>7. Окуу процессинде маалыматтарды иштетүү, талдоо жана визуалдаштыруу элементтеринин колдонулушу магистранттардын санариптик компетенцияларын өнүктүрөт, бул учурдагы мамлекеттик башкаруунун санариптешүү шартында актуалдуу.<br>8. ББП да жазылган максаттар жана окуу натыйжалары так аныкталган. Алар, университеттин миссиясына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана мамлекеттик башкаруу тармагындагы адистерге болгон талаптарга жалпысынан туура келет.<br>9. ББПнын окуу натыйжалары окуу пландары жана силлабустар аркылуу, MYEDU маалыматтык системасы аркылуу жана расмий сайтта окуу материалдарында жайгаштырылган маалыматтар аркылуу да жеткиликтүү. |
| ***Стандарт 4*** | 1. Магистрантка багытталган окутуунун элементтери ишке ашырылган. Программада магистранттарга илимий жетекчилер бекитилип, алар изилдөө темаларын тандоого катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Тандоо компоненттеринин болушу магистранттарга жеке билим берүү траекториясын түзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бул магистранттын окуу процессинде активдүү катышуу ролун камсыз кылууга көмөктөшөт.<br>2. Практикалык багыттуулук жогорку деңгээлде камсыздалган. Окуу планында практиканын көлөмү 36 кредитти (30%) түзөт жана ал мамлекеттик жана муниципалдык органдарда өтөт. Магистранттар реалдуу башкаруу процесстерине катышып, аналитикалык документтерди даярдоого, ар кандай жыйындардын өтүшүнө жана башка практикалык иштерге катышышат. Силлабустардын анализи |

| | |
|---|---|
| | да муну тастыктайт, көпчүлүк дисциплиналарда кейстер, практикалык тапшырмалар бар.<br>3. Санариптик окутуу чөйрөсү түзүлгөн. MYEDU системасы аркылуу окуу материалдарына жеткиликтүүлүк бар, тапшырмаларды жүктөө жана баалоо жүргүзүлөт. Бул окутуунун ачык-айкындуулугун жана жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат.<br>4. Баалоо системасы жалпысынан иштейт. Магистранттардын жетишкендиктери тесттер, практикалык тапшырмалар жана долбоорлор аркылуу бааланат. Баалоо жыйынтыктары санарип системада катталат.<br>2. Сапаттуу иштелип чыккан дисциплиналардын болушу. Силлабустарды талдоо көрсөткөндөй: - «Модернизацияланган стратегиялык башкаруу», «Коррупцияга каршы саясат», «Муниципалдык башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу» - дисциплиналары жогорку методикалык деңгээлде иштелип чыккан. Бул программанын ичинде сапаттуу окутуунун үлгүлөрү бар экенин көрсөтөт. |
| ***Стандарт 5*** | 1. Профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясы жана базалык даярдыгы талаптарга жооп берет<br>2. Профессордук-окутуучулук курам мамлекеттик тарабынан мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу боюнча уюштурулган мамлекеттик заказды аткарууга тартылат<br>3. Мугалимдер окуу процессине активдүү катышып, магистранттар менен туруктуу иштешет<br>4. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча иштер (курстар, тренингдер) жүргүзүлөт<br>5. Өзүн-өзү баалоо отчетунда берилген көпчүлүк дисциплиналардын мазмуну жогорку методикалык деңгээлде иштелип чыккан<br>6. Окутууда практикалык жана интерактивдүү методдор колдонулат<br>7. Мугалимдер окуу методикасы боюнча бири-биринин сабактарына кирип, тажрыйба алмашат<br>8. Илимий-изилдөө ишмердүүлүгү, публикациялык активдүүлүк боюнча иштер жүрөт<br>9. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин резервге тапшыруу учун окуу борбору ачылган. Бул өз кезегинде ал кызматкерлерге резервге тапшыруу сынагын өтүү боюнча абдан жакшы жардам берет ип келет |
| ***Стандарт 6*** | 1. Жетиштүү материалдык-техникалык базанын болушу. Өнүккөн инфраструктура, окуу аудиториялары, лабораториялар, компьютердик класстар жана китепкана ресурстары окуу процессин сапаттуу уюштурууга мүмкүндүк берет.<br>2. Адистештирилген борборлордун, электрондук китепканалардын, автоматташтырылган тейлөө системаларынын жана санариптик |

| | |
|---|---|
| | ресурстардын болушу. Бул билим берүү процессин заманбап деңгээлде ишке ашырууга шарт түзөт.<br>3. Материалдык-техникалык базанын үзгүлтүксүз жаңыртылып турушу жана заманбап технологиялардын киргизилиши.<br>4. Колдоочу билим берүү чөйрөсүнүн элементтери. Медициналык тейлөө, спорттук инфраструктура, видеокөзөмөл жана окутуунун ийкемдүү формалары уюштурулган.<br>5. Ар кандай категориядагы магистранттардын (анын ичинде иштеп окугандардын) муктаждыктарын эске алууга умтулуу.<br>6. Академиялык кеңеш берүү системасынын нормативдик негизде иштеши жана анын илимий ишмердүүлүккө, академиялык мобилдүүлүккө, жумушка орношууга багытталышы. Санариптик инструменттердин жана консультациялык колдоонун болушу.<br>7. Кайтарым байланыштын болушу (сурамжылоолор, инфраструктураны жаңыртуунун айрым мисалдары). Бул кызыкдар тараптардын муктаждыктарын эске алууга умтулууну көрсөтөт. |
| ***Стандарт 7*** | 1. Коомчулукка маалымат жеткирүүнүн негизги каналдары түзүлгөн: расмий сайттар, программалык баракча, маалыматтык материалдар жана басылмалар.<br>2. Программа боюнча стратегиялык жана практикалык маалыматтардын бир бөлүгү сандык көрсөткүчтөр менен берилген.<br>3. 5 магистранттын сертификат алышы жана мамлекеттик кызматкерлерди камтыган ири долбоор программалык жетишкендиктерди коомчулукка чыгарууга негиз боло алат.<br>4. Программа мамлекеттик сектордун реалдуу муктаждыктары менен байланышкан инновациялык жана практикалык модулдарды киргизүүгө умтулат.<br>5. Айкындуулукка институционалдык негиз бар, анткени университет жана институт деңгээлинде маалыматтык инфраструктура түзүлгөн. |

## *СУНУШТАЛГАН ЧАРАЛАР*

| *Стандарт* | *СУНУШТАР* |
|---|---|
| ***Стандарт 1*** | **1.** Программанын өнүктүрүү стратегиясы боюнча жылдык аткаруу картасын өзүнчө формада жарыялоо мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу сунушталат.<br>**2.** Тышкы стейкхолдерлер үчүн миссия жана стратегия боюнча кыскача маалыматтык пакетти даярдоо максатка ылайык.<br>**3.** Стратегиялык көрсөткүчтөрдү тобокелдиктер, жооптуу аткаруучулар жана мөөнөттөр менен максатка ылайык толуктоо керек.<br>***4.*** Программанын региондук таасирин көрсөткөн натыйжаларды өзүнчө индикаторлор менен белгилөө каралышы сунушталат |
| ***Стандарт 2*** | **1.** Анкетирлөөнүн жыйынтыктарын кыска аналитикалык отчет түрүндө жыл сайын жарыялоо мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу сунушталат.<br>**2.** Сапат көрсөткүчтөрү боюнча дашборд форматын киргизүү максатка ылайык.<br>**3.** Оңдоочу чаралардын аткарылышына кийинки мониторинг жүргүзүү циклин өзүнчө регламент менен бекемдөө целесообразно внедрить.<br>**4.** Стейкхолдерлердин канааттануусу боюнча сандык көрсөткүчтөрдү стандарттуу формада топтоо каралышы сунушталат |
| ***Стандарт 3*** | 1. *Окуу натыйжалары үчүн өлчөнүүчү көрсөткүчтөрдү иштеп чыгуу*. Ар бир окуу натыйжасы боюнча так баалоо критерийлерин жана көрсөткүчтөрдү (индикаторлорду) аныктоо зарыл. Бул окуу жетишкендиктерин объективдүү баалоого жана сапатты системалуу мониторинг жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.<br>2. *Стейкхолдерлерди системалуу тартуу механизмин киргизүү*. Иш берүүчүлөрдү, мамлекеттик органдардын өкүлдөрүн окуу натыйжаларын иштеп чыгуу, жаңылоо жана баалоо процесстерине туруктуу негизде тартуу үчүн кеңеш берүүчү орган түзүү сунушталат.<br>3. *Окуу натыйжаларын эмгек рыногу менен байланыштыруу анализин күчөтүү*. Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу, карьералык траекториясы жана иш берүүчүлөрдүн пикирлери аркылуу окуу натыйжаларынын актуалдуулугун баалоо механизмин киргизүү сунушталат.<br>4. *Окуу натыйжаларын мезгил-мезгили менен жаңылоо процедурасын активдештирүү*. Жыл сайын же белгиленген мөөнөттө окуу натыйжаларын кайра карап чыгуу жана жаңылоо боюнча иш-аракеттерди документтештирүү сунушталат. |
| ***Стандарт 4*** | 1. Окуу-методикалык камсыздоодо бирдиктүү стандарттын жоктугу. Айрым дисциплиналар силлабус, айрымдары УМК форматында |

| | |
|---|---|
| | берилген. Ошондуктан окуу-методикалык документтерди толук унификациялоо менен бардык дисциплиналарды бирдиктүү силлабус форматына өткөрүү.<br>2. Дисциплиналардын мазмунунун сапаты бирдей эмес. Силлабустардын анализи көрсөткөндөй, айрымдарында эскирген нормативдик актылар колдонулат, адабияттардын тизмеси жетишсиз. Ошондуктан дисциплиналардын мазмунун системалуу актуалдаштыруу. Айрыкча: нормативдик-укуктук базаны жаңылоо, заманбап илимий жана практикалык материалдарды киргизүү сунушталат.<br>3. Окуу натыйжалары менен окутуу элементтеринин байланышы толук эмес. Айрым дисциплиналарда (мисалы, «Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин кесиптик этикасы») СРС темалары окуу натыйжаларына толук шайкеш келбейт жана улуттук контекст жетишсиз чагылдырылган. Ошондуктан окуу натыйжалары менен тапшырмалардын шайкештигин камсыз кылуу. СРС, практикалык иштер жана баалоо формаларын окуу натыйжаларына түз байланыштыруу. |
| ***Стандарт 5*** | 1. Мугалимдер методикалык даярдыгын, квалификациясын жогорулатууну системалуу түрдө мындан да жакшыртуу<br>2. Бардык дисциплиналар боюнча окуу-методикалык талаптарды бирдей деңгээлде камсыз кылуу<br>3. Заманбап, эл аралык жана электрондук илимий ресурстарды колдонуу деңгээлин жогорулатуу<br>4. Билим берүү программасын институционалдык деңгээлде өз алдынча кафедра катары уюштуруу сунушталат, анткени бул мамлекеттик заказды натыйжалуу аткарууга, кадрдык потенциалды максаттуу өнүктүрүүгө жана программаны башкарууну жакшыртууга мүмкүндүк берет. Бул сунуш стейкхолдерлер тарабынан сунушталды. |
| ***Стандарт 6*** | 1. Инклюзивдүү билим берүүнү өнүктүрүү максатында билим берүү чөйрөсүнүн жеткиликтүүлүгүнө аудит жүргүзүү жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн адаптацияланган инфраструктураны (пандустар, тактилдик плиткалар, сурдо-аудиториялар) этап-этабы менен кеңейтүү мүмкүнчүлүгүн кароо.<br>2. Ийкемдүү окутуу формаларынын эффективдүүлүгүн талдоону күчөтүү максатында дистанциялык жана аралаш окутуунун магистранттардын академиялык натыйжаларына тийгизген таасирин изилдөө.<br>3. Сервис кызматтарын баалоонун комплекстүү системасын иштеп чыгууда так критерийлерди, үзгүлтүксүз мониторингди жана көрсөткүчтөрдүн динамикасын талдоону караштыруу. |

| | |
|---|---|
| | 4. Окутуу шарттарын системдик негизде мониторинг кылуу максатында магистранттардын канааттануу деңгээлин үзгүлтүксүз изилдөөнү караштыруу. |
| ***Стандарт 7*** | 1. ББП боюнча ачык сандык дашборд түзүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу сунушталат.<br>2. Коомчулукка жарыялануучу маалыматтарды жыл сайын верификациялоо механизмин киргизүү.<br>3. Бүтүрүүчүлөрдүн карьералык мониторингин өзүнчө маалыматтык модуль катары түзүү каралышы сунушталат.<br>4. ПОК жана контингент боюнча маалыматтарды кадрлар бөлүмү жана окуу бөлүмү менен бирдикте синхрондоштуруу сунушталат. |

## *АТКАРУУГА МИЛДЕТТҮҮ СУНУШТАР*

| *Стандарт* | *СУНУШТАР* |
|---|---|
| ***Стандарт 1*** | **1.** Программанын өнүктүрүү стратегиясын аткаруунун сандык индикаторлорун системалаштыруу жана алар боюнча жылдык мониторинг формасын иштеп чыгуу.<br>**2.** Ар бир стратегиялык милдет боюнча жооптуу аткаруучуларды, мөөнөттөрдү жана күтүлгөн натыйжаларды так көрсөтүүнү камсыз кылуу.<br>**3.** Тышкы стейкхолдерлерди стратегияны талкуулоого жана кайра карап чыгууга тартуу механизмин күчөтүү.<br>**4.** Миссия менен ББПнын максаттарынын ортосундагы байланышты программалык-сайттык материалдарда дагы даана көрсөтүүнү камсыз кылуу**..**<br>**5.** Стратегиянын аткарылышы боюнча жылдык ачык отчетту университет жана ББП деңгээлинде жарыялоо процессин активдештирүү. |
| ***Стандарт 2*** | **1.** Анкетирлөөнүн жыйынтыктарын талдоо, интерпретациялоо жана башкаруучулук чечимдерге айлантуу механизмин иштеп чыгуу.<br>**2.** Сапатты камсыздоо боюнча кабыл алынган чечимдерди жана аткарылган чараларды документтештирүүнү камсыз кылуу.<br>**3.** Сапат циклинин бардык этаптары боюнча жооптуу түзүмдөрдүн функцияларын дагы так системалаштыруу.<br>**4.** Ички мониторингдин сандык көрсөткүчтөрүн жана динамикасын институттук деңгээлде күчөтүү.<br>**5.** Сапат боюнча жыйынтыктарды бардык кызыкдар тараптарга туруктуу маалымдоо практикасын активдештирүү |
| ***Стандарт 3*** | 1. *Окуу натыйжаларынын өлчөнүүчү көрсөткүчтөрүн (индикаторлорун) жана баалоо критерийлерин иштеп чыгуу жана бекитүү*. Бул талап окуу сапатын камсыз кылуунун негизги элементи болуп саналат. Ар бир окуу натыйжасы боюнча жетишүү деңгээлин аныктоочу конкреттүү индикаторлор иштелип чыгып, окуу-методикалык документтерге киргизилиши зарыл.<br>2. *Стейкхолдерлердин катышуусун институционалдаштыруу*. Иш берүүчүлөрдү жана практик адистерди окуу натыйжаларын иштеп чыгууга жана баалоого туруктуу негизде тартуу механизми түзүлүшү керек.<br>3. *Окуу натыйжаларынын жетишилген деңгээлине системалуу мониторинг жүргүзүү системасын киргизүү*. Баалоо жыйынтыктарын талдоо, жыйынтыктоо жана анын негизинде окуу процессин жакшыртуу боюнча туруктуу механизм иштелип чыгышы зарыл.<br>2. *Бүтүрүүчүлөрдүн жана иш берүүчүлөрдүн пикирлерин системалуу чогултуу жана колдонуу*. Бул маалыматтар окуу |

| | |
|---|---|
| | натыйжаларынын актуалдуулугун баалоодо жана программаны өркүндөтүүдө милдеттүү түрдө колдонулушу керек. |
| ***Стандарт 4*** | 1. Кээ бир жогоруда көрсөтүлгөн силлабустардын окуу мазмунуна сапаттуу көңүл бөлүп, актуалдаштыруу жана эскирген булактарды толук алмаштыруу (1. «Публичное управление» 2. «Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин кесиптик этикасы» 3. «Кадр саясаты жана кадрдык иш»)<br>2. Практиканын сапатын баалоонун расмий механизмин киргизүү. Иш берүүчүлөрдүн баалоосу жана документтештирилген жыйынтыктар болушу зарыл.<br>3. Магистранттардын feedback механизмин күчөтүү. Магистранттардын сунуштарынын негизинде кабыл алынган чечимдерди документтештирүү жана кайра байланыш берүү.<br>4. Окуу адабияттары жана электрондук адабияттар менен камсыздоо жалпысынан бар, бирок анын сапатын, актуалдуулугун жана жеткиликтүүлүгүн системалуу түрдө жакшыртуу керек. |
| ***Стандарт 5*** | 1. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча системалуу механизмди киргизүү<br>2. Илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн активдештирүү жана анын натыйжаларын мониторинг кылуу<br>3. Жогоруда белгиленген (4 стандарт боюнча отчетто) кээ бир дисциплиналардын мазмунун актуалдаштыруу, сапатын жакшыртуу<br>4. Профессордук-окутуучулук курамдын ишмердүүлүгүн баалоо жана сапатты камсыз кылуу системасын өркүндөтүү |
| ***Стандарт 6*** | 1. Ресурстардын камсыздалуусун жана пайдаланылышын чагылдырган сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдүн (KPI) системаны өркүндөтүү зарыл.<br>2. Инклюзивдүү билим берүү принциптерин ишке ашыруунун конкреттүү механизмдерин иштеп чыгуу жана документтештирүү.<br>3. Академиялык кеңеш берүүнүн эффективдүүлүгүн баалоо системасын активдештирүү керек.<br>4. Каржылоонун динамикасын жана программанын муктаждыктарын эске алуу менен материалдык-техникалык базаны модернизациялоонун орто мөөнөттүү планын иштеп чыгуу жанга бекитүү.<br>5. Инфраструктураны өнүктүрүү боюнча туруктуу отчеттуулук жана пландаштыруу системасын киргизүү. |
| ***Стандарт 7*** | 1. Магистранттардын жетишкендиктерин, илимий активдүүлүгүн жана мобилдүүлүгүн өзүнчө статистикалык блок менен чагылдыруу.<br>2. ББП боюнча бардык расмий документтердеги контингент, ПОК жана сандык көрсөткүчтөрдү бирдиктүү форматка келтирип, маалыматтарды системалаштыруу. |

| | |
|---|---|
| | 3. Программа тууралуу сайттагы, өзүн-өзү баалоодогу жана жылдык отчеттордогу сандык маалыматтардын шайкештигин камсыз кылуу.<br>4. ПОКтун курамы, илимий даражалуулугу, штаттык үлүшү жана жүктөмү боюнча верификацияланган расмий маалымкатты иштеп чыгуу.<br>5. Магистранттардын илимий иши, публикациясы, мобилдүүлүгү жана жетишкендиктери боюнча сандык отчеттуулукту күчөтүү.<br>6. Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу боюнча расмий мониторинг механизмин иштеп чыгуу жана маалыматты ачык жарыялоо процессин активдештирүү.<br>7. Жылдык отчеттуулукта фактылык сандык көрсөткүчтөрдүн булактарын жана даталарын милдеттүү түрдө көрсөтүүнү камсыз кылуу.<br>8. Коомчулукка маалымдоодо жана ички отчетто колдонулган маалыматтарды кайра карап чыгуу жана верификациялоо процедурасын киргизүү. |

***Тиркемелер :***

**1-тиркеме. Эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнүн биографиялары**

**2-тиркеме. Эксперттик комиссиянын ББУга сапарынын программасы**

**3-тиркеме. Окуу натыйжаларынын тизмеси**

**4-тиркеме. Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү тарабынан талданган документтердин жана иштердин тизмеси**

## ***1-тиркеме.*** *ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯНЫН МҮЧӨЛӨРҮНҮН БИОГРАФИЯЛАРЫ*

1. **Пулатова Гульнара Тулановна,** экономика илимдеринин кандидаты, доцент, Батырали Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин Окуу бөлүмүнүн башчысы, EdNet агенттигинин сапатты камсыздоо системасы боюнча эксперти;
2. **Жакшылыкова Тинатин Азискановна,** «Психология» кафедрасынын башчысы, «Ала-Тоо» эл аралык университети, улук илимий кызматкер;
3. **Хан Надежда Романовна,** философия илимдеринин кандидаты, Италиянын Рим шаарындагы Антонианум университетинин профессору, Борбор Азия өлкөлөрүн изилдөөчү "Faith and Reason" илимий институтунун эксперти;
4. **Дуйшо кызы Нуржан,** саясий илимдеринин кандидаты, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Ж. Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу Академиясынын Магистратура программасынын доценти;
5. **Койчуманова Чолпон Урушбековна,** тарых илимдеринин доктору, профессор, КР УИАнын мүчө-корреспонденти, И. Арабаев атындагы КМУнун Э.Ж. Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү институтунун директору;
6. **Онкошова Гульнара Калмаковна,** Көп функциялуу "Гармония" коомдук бирикмесинин жетекчиси;
7. **Арынова Наргиза Сапаралиевна,** экономика илимдеринин кандидаты, Батырали Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин билим берүүнүн сапатын камсыздоо жана мониторинг бөлүмүнүн башчысы, EdNet агенттигинин сапатты камсыздоо системасы боюнча эксперти;
8. **Садырова Гулзат Камчыбековна,** К.Скрябин атындагы Кыргыз Улуттук Агрардык Университетинин Сапат, аккредитация жана лицензиялоо бөлүмүнүн башчысы. EdNet агенттигинин сапатты камсыздоо жана аккредитациялоо боюнча эксперти;
9. **Нургалиева Алмагуль Шаймуратовна,** экономика илимдеринин кандидаты, профессор, С. Сейфуллин атындагы Казак агротехникалык изилдөө университетинин академиялык маселелер боюнча департаментинин директорунун орун басары;
10. **Нарынгуль Маргазиева,** PhD, доценттин милдетин аткаруучу, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин туризм факультетинин деканынын орун басары;
11. **Мусабекова Зинат Ракымовна,** химия илимдеринин кандидаты, доцент, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин химия жана химиялык технология факультетинин ЮНЕСКО физикалык жана коллоиддик химия кафедрасынын башчысы;
12. **Шаршеев Эрмек Сабырович,** техникалык илимдердин кандидаты, доцент, Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин Архитектура, дизайн жана курулуш факультетинин «Экология жана өзгөчө кырдаалдарда коргонуу» кафедрасынын доценти;

13. **Сулайманова Майрамгул Азизбековна,** А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин «Химия» багыты боюнча ТТГФ тобунун 4-курс студенти.

## *2-тиркеме. ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯНЫН ББУГА САПАРЫНЫН ПРОГРАММАСЫ*

**Образовательная организация:** Ошский Государственный Университет
**Аккредитуемые программы:** 531800 «Европоведение» (бакалавриат), 530300 «Психология» (магистратура), 530400 «История» (магистратура), 580900 «Государственное и муниципальное управление» (магистратура).
**Адрес:** Кыргызская Республика, г. Ош, ул. Масалиева 91
**Дата:** 06-07 апреля 2026 года

**КЛАСТЕР 1 – уровень ВПО**

| Время | Мероприятие | Участники | Ауд |
|---|---|---|---|
| **06 апреля 2026 г.** | | | |
| 08.30 - 8.50 | Сбор в главном корпусе | *Экспертная комиссия* | |
| 09.00 -09.20 | Встреча с ректором ОшГУ<br>*Совместная встреча с экспертными комиссиями двух кластеров (1,2)* | *Список респондентов указан в Приложении 1* | |
| 09.20 -10.00 | Интервью с АУП: проректора, представители Отдела обеспечения качества, Учебного отдела, Отдела науки, Отдела человеческих ресурсов, Отдела международных отношений<br>*Совместное интервью с экспертными комиссиями двух кластеров (1,2)* | *Приложение 1* | |
| 10.00 - 11.55 | Интервью с рабочими группами и руководителями образовательных программ всех ОП Кластера 1 | *Приложение 1* | |
| **12.00 -12.55** | **Обед** | **Экспертная комиссия** | |
| 13.05- 13.40 | Интервью с ППС ОП «Европоведение» (Б) | *Приложение 1* | |
| 13.45-14.20 | Интервью с ППС ОП «Психология» (М) | *Приложение 1* | |
| 14.25- 15.10 | Интервью с ППС ОП «История» (М) | *Приложение 1* | |
| 15.15- 15.50 | Интервью с ППС ОП «Государственное и муниципальное управление» (М) | *Приложение 1* | |
| 15.55- 17.20 | Интервью с магистрантами ОП «Психология», «История», «Государственное и муниципальное управление» | *Приложение 1* | |
| 17.25 – 17.45 | Посещение занятий уровня магистратура | *Экспертная комиссия* | |
| 17.50-18.10 | **Подведение итогов первого дня** | *Экспертная комиссия* | |
| **07 апреля 2026** | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **08.45** | **Сбор в вузе** | *Экспертная комиссия* | |
| 08.50- 09.35 | Интервью со студентами программы «Европоведение» (Б) | *Список респондентов указан в Приложении 1* | |
| 09.40 - 10.00 | Посещение занятий уровня бакалавриат | *Расписание программ Кластера 3* | |
| 10.00 – 10.55 | Интервью с выпускниками всех образовательных программ | *Список респондентов указан в Приложении 1* | |
| 11.00-11-55 | Обзор инфраструктуры | *Экспертная комиссия* | |
| **12.00 - 12.55** | **Обед** | **Экспертная комиссия** | |
| 13.05 -14.10 | Интервью с работодателями всех образовательных программ | *Список респондентов указан в Приложении 1* | |
| 14.10 -14.55 | Интервью с представителями доп. служб (*при запросе комиссии*) / | | |
| 15.00 -17.00 | Закрытое обсуждение экспертной комиссии о результатах визита | *Экспертная комиссия* | |
| 17.00 -17.40<br>**Время может сдвинуться в зависимости от расположения комиссий** | Обсуждение результатов визита экспертных комиссий Кластера 1, 2,3,4 с ректором и руководителями всех образовательных программ | *Руководство вуза и руководители образовательных программ* | |

## ***3-тиркеме.*** *ОКУУ НАТЫЙЖАЛАРЫНЫН ТИЗМЕСИ*

**Окуу натыйжасы 1** Маалыматтарды жалпылап жана системалаштырып, классификациялап жана салыштырып, аларды комплекстүү анализдеп жана синтездеп, далилдүү негизде жыйынтык чыгарып жана башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу жөндөмдүүлүгү.

**Окуу натыйжасы 2** Инсандык өнүгүү жана профессионалдык компетенттүүлүк тармагында: Магистранттарда жогорку жарандык жоопкерчиликти, кесиптик этиканы, лидерлик жана коммуникациялык компетенцияларды, ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу системасында талдоо жүргүзүү, башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу жана өзгөрүүлөрдү башкаруу боюнча практикалык көндүмдөрдү калыптандыруунун негизинде, бул атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү жана социалдык жоопкерчиликти камсыз кылуу.

**Окуу натыйжасы 3:** Изилдөө жүргүзүүдө, эксперттик баалоодо жана башкаруучулук чечим кабыл алууда ИКТны, санариптик кызматтарды, чоң маалымат технологияларын жана аналитикалык инструменттерди колдонуу жөндөмдүүлүгү**.**

**Окуу натыйжасы 4:** Белгисиз шарттарда долбоордук чечимдерди иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, методикалык жана нормативдик документтерди даярдоо, регламенттерди иштеп чыгуу жана башкаруучулук демилгелерди жүзөгө ашырууга жөндөмдүү.

**Окуу натыйжасы 5:** Стратегиялык башкарууну жүргүзүү, кадр саясатын ишке ашыруу, коллективди калыптандыруу жана мотивациялоо, ошондой эле мамлекеттик органдар, уюмдар жана жарандар менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүнү камсыз кылууга жөндөмдүү.

**Окуу натыйжасы 6:** Изилдөө программаларын иштеп чыгуу, өз алдынча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, илимий маалыматтарды критикалык баалоо, ошондой эле жогорку билим берүүдө заманбап окутуу методикаларын колдонуу жана окуу-методикалык материалдарды иштеп чыгууга жөндөмдүү.

## ***4-тиркеме.*** *ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯНЫН МҮЧӨЛӨРҮ ТАРАБЫНАН ТАЛДАНГАН ДОКУМЕНТТЕРДИН ЖАНА ИШТЕРДИН ТИЗМЕСИ*

1. Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу билим берүү программасы боюнча өзүн-өзү баалоо отчету.
2. ОшМУнун уюмдук структурасы (2015 –ж)
3. Тарых багытынын 2024-2026-окуу жылдарына карата өнүгүү стратегиясы
4. Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы No 179 "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамы
5. ОшМУнун сапат боюнча жетектемеси (01.03.2024)
6. ОшМУнун Миссиясы, Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын 31-мартындагы № 7 жыйынынын чечими)
7. ОшМУнун сапат боюнча саясаты (02.04.2025)
8. ОшМУнун Уставы
9. ОшМУнун 2023-2026-жылдарга туруктуу өнүгүү модели
10. ОшМУнун Академиялык саясаты (2022)
11. Должностная инструкция ППС ОшГУ от 09.03.2020
12. Шаблон трудового договора
13. Студенттин жүрүм-турусу жөнүндө кодекс
14. ОшМУнун ички эмгек тартип эрежелери
15. Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу багыты боюнча эксперименталдык окуу планы (2024 ж.)
16. Семестровый учебный план (MyEDU)
17. Ош МУнун элективдик курстарды откоруу боюнча жобосу
18. Общая характеристика образовательной программы профессионального образования, направления 580900 ГМУ, Магистр
19. Магистранттардын практика программалары
20. Мугалимдердин силлабустары жана УМКлары (1. *«Публичное управление»* 2. *«Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин кесиптик этикасы»* 3. *«Кадр саясаты жана кадрдык иш»* 4. «М*одернизацияланган стратегиялык башкаруу»* 5. «Коррупцияга каршы саясат» 6. «Муниципалдык башкаруу» 7. “Коррупцияга каршы саясат” 8. “Мамлекеттик сатып алуулар” 9. “Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин кесиптик этикасы” 10. “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик башкаруу системасы”)
21. Макала, автор магистрант Макыев Сагынбек “Органы местного самоуправления и их развитие, ключевая роль стратегического планирования”
22. Кафедранын мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча отчету
23. Штаттык расписание
24. Магистранттарды сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча аналитикалык отчет
25. Профессордук-окутуучулук курамды сурамжылоо анкетасы
26. Магистранттар учун консультация графиги
27. Мамлекеттик заказдын алкагында “Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди оуктуу боюнча” тренерлерди бекитуу буйругу
28. Протокол боюнча аткарылган иштердин отчету
29. 2025-2026-жылдарга кафедраны өнүктүрүү боюнча кафедранын отчету

30. “Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу” кафедрасынын протоколдорунун кочурмосу
31. Окуу сабактарына катышуу боюнча протоколдор
32. Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамдын аткарган окуу жуктомдорун пландаштыруу ченемдери боюнча жобо
33. Модулдук баллдык рейтинг боюнча жобо
34. Информационный пакет для студента
35. “Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу” жогорку кесиптик билим беруу программасынын стратегиялык онуктуруу планы 2025-2029 жылдарга
36. Ош мамлекеттик университетинин академиялык саясаты (2022-ж.)
37. Ош мамлекеттик университетинин окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо болумунун ишмердиги жонундо жобо
38. Ош мамлекеттик университетинин «Экономика, бизнес жана менеджмент» институтунун «Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу» кафедрасынын жылдык отчету (2024–2025-окуу жылы үчүн)
39. Материалдык-техникалык базанын абалы тууралуу маалымдама.
40. Аудиториялык фонддун, лабораториялардын жана компьютердик класстардын тизмеси.
41. Китепкана фондунун жана электрондук ресурстарга жеткиликтүүлүк тууралуу отчет.
42. Инклюзивдүү билим берүү шарттары тууралуу маалымат.
43. Кызыкдар тараптарды сурамжылоонун жыйынтыктары (үзүндү).
44. Академиялык кеңеш берүү жөнүндө жобо.
45. Сервис кызматтарынын ишмердүүлүгүн баалоо боюнча материалдар.
46. SWOT-анализ ж.б.